(Отчетко №1 Тиркеме Жашыруун)

**2022-жылга карата Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**Отчет**

**Жоoптуу тарап жана аудит субъекттери:** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги (Борбордук аппарат, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөр, борбордоштурулган иш-чаралар жана долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү) жана КР ӨКМне караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду.

**Аудиттин милдети:** Аудиттин милдети, КР ӨКМ мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) жүргүзүлгөн аудиттин негизинде бюджеттин аткарылышынын шайкештигине байланыштуу өз алдынча корутундуга келүү болуп саналат.

Аудит корутунду жана жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылуучу жол-жоболор алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөө тобокелдигине баа берүүнү кошо алганда, аудиттин кесипкөй чечимине жараша болот. Биз жүргүзүлүп жаткан аудит жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудит предмети**

Аудиттин предмети болуп, КР ӨКМнин бюджетинин аткарылышынын Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын жана ички ченемдик документтердин талаптарына шайкештигин изилдөө эсептелет.

Жогоруда белгиленген убакыт аралыгында аудиттин көлөмүнө төмөндөгүдөй иш-чаралар киргизилген:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудитинин жыйынтыктарын; аудит субъектисинин тышкы чөйрөсүн; КР ӨКМдин ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштамаларынын жана жазма буйруктарынын аткарылышын изилдөө.
- Маанилүү деңгээлин аныктоо;
- Бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын сметасын түзүүгө жана аткарууга аудит;
- Кирешелерди түзүүгө жана атайын эсептин каражаттарын пайдаланууга аудит;
- Кассага, кассалык жана казыналык операцияларга аудит;
- Командировкалык чыгымдардын ченемдеринин сакталышына, акча каражаттарын отчеттуулукка берүүнүн жана аларды эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө аудит;

- Дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;

- Ижара мамилелерине, коммуналдык кызматтар үчүн эсептешүүлөргө аудит;

- Эмгек акыны эсептөө жана төлөө аудити;

- Бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;

- Негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга, ТМБнын ченемден ашыкча запастарына жана эсептөөлөрдөгү каражаттарга аудит;

- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышына аудит;

- Электр, жылуулук энергиясын, жаратылыш газын ж.б. керектөө лимиттеринин сакталышына аудит;

- Транспорт каражаттарына лимиттердин сакталышына, автотранспортту пайдаланууга аудит;

- Өзгөчө кырдаалдарга бөлүнгөн курулушка жана курулуш-куроо жумуштарына каражаттардын чыгымдалышынын тууралыгына жана негиздүүлүгүнө аудит (курулуш боюнча адис);

- Ишканаларда жана уюмдарда сакталган мамлекеттик материалдык резервдин материалдык баалуулуктарынын сандык жана сапаттык жактан болушуна талдоо жүргүзүү жана аудит, мамлекеттик материалдык резервдин материалдык баалуулуктарын бөлүштүрүү, мамлекеттик материалдык резервге коюу үчүн номенклатуралык материалдык баалуулуктарды сатып алууга аудит;

- Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо.

**Аудиттин критерийлери:**

Бул аудиттин предметине ылайыктуулугу бааланууучу критерийлер болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Мамлекеттик материалдык резерв жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдары;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 19-февралындагы №111 “Кыргыз Республикасынын калкы үчүн негизги тамак-аш азыктарын керектөөнүн орточо физиологиялык ченемдерин бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы №360 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №262 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтому менен бекитилген

“Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Мамлекеттик материалдык резервдер фонду жөнүндө” Жобо;

- КР ФМнин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн/Министрлер Кабинетинин токтомдору жана буйруктары, башка ченемдик укуктук актылар, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө Кырдаалдар Министрлигинин жана КР ӨКМге караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

КР ӨКМдин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкарууда мыйзамдардын сакталышы, органга берилген ыйгарым укуктардын ишке ашырылышы үчүн жоопкерчилик тартат.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы № 01-26/123 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети бардык маанилүү аспектилеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аудит субъектисине кыскача мүнөздөмө**

КР ӨКМ Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объектилеринде адамдардын коопсуздугу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв системасын башкаруу тармагындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Аудит КР ӨКМ жана ММРФ берген документтерине ылайык жүргүзүлдү. Аудит тарабынан тиешелүү ченемдик укуктук документтер изилденди бюджеттик чөйрө, ички ченемдик документтер, каржылык отчеттуулук.

Аудит тыянактарды колдоо үчүн жетиштүү жана туура далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде бюджеттин аткарылышы төмөндө баяндалган жагдайларды кошпогондо, бардык олуттуу аспектилерде (аудиттин белгиленген критерийлеринде) ылайык келери аныкталган.

## 1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктарды жана сунуштамаларды аткаруу

**Аныкталды:**

2021-жылдын 1-январынан 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилге КР ӨКМдин бюджетинин аткарылышынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча:

2023-жылдын 19-апрелиндеги №01-2/6 (КПҮ) **жазма буйрук** 13 пункттан турат, алардын ичинен 9 пункту аткарылган, 1 пункт аткарылган эмес (8.1), 3 пункт жарым-жартылай аткарылган (1, 2, 3):

***Аткарылган эмес: 8,1 пункту*** "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамдын 47-беренесинин 4-пунктуна ылайык мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун кыйгап өтүү менен кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну чечкен жетекчинин эсебинен 13979,1 миң сом суммасын бюджетке ордун толтуруу боюнча чаралар көрүлсүн.

***Жарым жартылай аткарылган:***

- 1-пункту боюнча мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругунун пункттарын аткаруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө;

- 2.1-пункту боюнча милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу келишимин түзүү бөлүгүндө "Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 1-беренесинин 5-пунктунун аткарылышын камсыз кылуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө;

- 3.1-пункту боюнча Кадастр башкы башкармалыгынын тиешелүү филиалдарында жер участокторун каттоо жана аларды баалоо, ошондой эле эсепке алуу боюнча калыбына келтирүү иштери жүргүзүлүүдө;

- 3.4-пункту боюнча материалдар укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилди, Аскер прокуратурасы тарабынан тергөө жүрүп жатат.

**Сунуштама** 2023-жылдын 19-апрелиндеги №01-2/7 (КПҮ) 9 пункттан турат, алардын 7 аткарылган, 2 жарым-жартылай аткарылган (2 жана 3):

- 2.1-пункт боюнча иш жүргүзүлүүдө, КР ӨКМнин 2023-жылдын 12.09. № 1038 "КР ӨКМдин мөөнөтү өткөн дебитордук карызын жөнгө салуу жөнүндө" буйругуна ылайык, 73 064,7 миң сомдун 10 509,7 миң сому эсептен чыгарылган;

- 3.2-пункт боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 5-февралындагы № 43 "Кум-шагыл аралашмасын жана суглинокторду казып алууга укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомунун жана "Жер казынасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 35-пунктун, "Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык келтирүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

***2021-жылга карата ММРФда өткөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын сунуштамасын аткаруу:*** **Сунуштама** (16.05.2023-ж. № 7с) 13 пункттан турат: - 10 пункт аткарылган, 3 пункт жарым-жартылай аткарылган.

**Сунуш:**

1. 2021-жылга карата аудиттин жыйынтыктары боюнча 2023-жылдын 19-апрелиндеги №01-2/6 (КПҮ) жазма буйруктун 1, 2, 3 жана 8-пункттарынын толук аткарылышы камсыздалсын.

2. 2023-жылдын 19-апрелиндеги №01-2/7 (КПҮ) сунуштама (1, 2, 3 жана 9-пункттары) жана Мамлекеттик материалдык резервдер фондуна берилген сунуштама боюнча (16.05.2023-ж. № 7с) 3 пункттар боюнча көрүлгөн чаралардын толук камсыздалышы каралсын.

## 2. Бюджеттик каражаттардын чыгымдалышынын сметасын түзүү жана аткаруу

КР ӨКМ 2022-жылга "2022-жылга республикалык бюджет жана 2023-2024-жылдарга болжол жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын сметасы 1 993 289,8 миң сом суммасында бекитилген, билдирмелерди, толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 4 141 822,6 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгымдар 4 164 732,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 4 235 579,9 миң сомду түздү, анын ичинде:

- *ӨКМ (аппарат):* бекитилген смета 129 171,6 миң сом, 166 451,7 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 158 326,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 123 446,3 миң сомду түздү;

- *ӨКМ (ведомстволор):* бекитилген смета 1 551 641,6 миң сом, 3 516 292,8 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгашалар 3 580 441,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 3 758 485,9 миң сомду түздү;

- *Кыргызгидромет:* бекитилген смета 177 653,4 миң сом, 268 575,4 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 246 780,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 306 480,9 миң сомду түздү;

- *ӨКМдин алдындагы Сел жана суу ташкындарынан коргоо кызматы:* бекитилген смета 134 823,2 миң сом, 190 502,7 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 179 183,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 47 166,8 миң сомду түздү.

***Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы боюнча (ТККК)***

**Аныкталды:**

ТККК тарабынан КР ӨКМге (2022-жылдын 31-мартындагы чыгыш № 245, 2022-жылдын 12-майындагы чыгыш № 327, 2022-жылдын 14-июнундагы чыгыш №414 ж.б. каттар) 2223 "Буюм мүлкүнүн предметтерин жана башка формалык жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо" беренеси боюнча 937,4 миң сом суммасында карызы бар экендиги жөнүндө бир нече жолу билдирме жөнөткөн.

КР Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, 2223 “Кийим мүлкүнүн буюмдарын жана башка формалык жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо” боюнча 2022-жылдын 1-январына карата 937,4 миң сом суммасында кредитордук карызы бар болсо, КР ӨКМ 2022-жылга такталган бюджетинде көрсөтүлгөн статья каражаты 31,6 миң сом суммасында же керектөө суммасынан 905,8 миң сомго аз.

**Корутунду:** КР ӨКМ Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, 2223 “Кийим мүлкүнүн буюмдарынын жана башка формалык жана атайын кийимдерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо” беренеси боюнча 2022-жылдын 1-январына карата 937,4 миң сом суммасында кредитордук карыз болгон учурда, КР ӨКМ 2022-жылга такталган бюджетинде бардыгы болуп 31,6 миң сом суммасында, же керектөө суммасынан 905,8 миң сомго аз каражат каралган.

**Сунуш:** бюджеттик милдеттенмелерди эске алуу менен КР Бюджеттик кодексинин ченемдерине ылайык бюджетти түзүү камсыздалсын.

***КР ӨКМдин борборлоштурулган иш-чаралары***

Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетторго ылайык (2-форма) 2022-жылга чыгашалар сметасы менен бекитилген 45 365,7 миң сом каралган, капиталдык салымдарды эске алуу менен такталган смета 1 344 178,0 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 1 341 181,0 миң сом суммасында.

Сметалык дайындоолордун көбөйүшү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 17-февралындагы №70 буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин аба транспорт каражаттарын жана атайын техникаларды сатып алуу боюнча иш-чараларга карата башка буйруктарынын кабыл алынышы менен байланыштуу. Аудит мезгилиндеги кассалык чыгымдар 1 344 178,0 миң сомду түзгөн.

3112 “Машиналарды жана жабдууларды алуу” беренеси боюнча 2022 -жылга кассалык чыгашалардын жалпы суммасы -1 207 847,0 миң сом суммасын, 3111 “Имараттар жана курулмалар” беренеси боюнча - 82 179,3 миң сомду, 2214 “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” беренеси боюнча - 26 053,2 миң сомду, 2215 “Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” беренеси боюнча - 21 431,9 миң сомду, 2711 “Мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу боюнча төгүмдөр” беренеси боюнча төлөмдөр - 2 466,5 миң сомду, 2621 “Эл аралык уюмдарга төгүмдөр” беренеси боюнча - 672,3 миң сомду, 2214 “Кызматтык барууларга чыгашалар” беренеси боюнча - 531,2 миң сомду түзгөн.

Талдоо көрсөткөндөй, кассалык чыгашалардын олуттуу суммасы 1 207 847,0 миң сом суммасында 3111 “Машиналарды жана жабдууларды алуу” боюнча байкалат, же болбосо 2022-жылдын кассалык чыгашалардын жалпы суммасынын 90%ды түзөт.

**Аныкталды:**

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 17-февралындагы № 70 жана Министрлер Кабинетинин башка буйруктарына ылайык, КР ӨКМ тарабынан

негизги фонддорду, товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууга жана керектүү курулмаларды курууга 1 317 459,1 миң сом бөлүү каралган.

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 17-февралындагы № 70 буйругунун 1-пунктуна ылайык, бир вертолетту сатып алууга, вертолетту жана май куюучу комплексти сактоо жана техникалык тейлөө үчүн ангар курууга 310 000,0 миң сом бөлүү каралган. Аталган буйруктун 2-пунктуна ылайык, КР ӨКМге буйруктун 1-пунктунда каралган максаттарга финансы каражаттарын максаттуу пайдаланууну камсыздоо тапшырылган.

КР ӨКМдин 19.07.2022-жылдагы чыгыш № 02-5/4360 катына ылайык, КР Финансы министрлигинин дарегине жана КР Финансы министрлигинин 2022-жылдын 21-июлундагы № 11-1-10/344 кызматтык катына ылайык, 3112 "Машиналар жана жабдуулар" беренесинен 2215 "Башка кызматтарды сатып алуу" беренесине жалпы суммасы 19 166,9 миң сомго сметалык багыттагы жылдырууларды жүргүзүү жөнүндө маселе демилгеленген.

Ушуга байланыштуу, № 19821 маалымкат билдирмесине ылайык, жалпы суммасы 19 166,9 миң сомду түзгөн сметалык багыттар жылдырылган.

№ 2 формадагы чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, кассалык чыгымдар 2215 4900 "Контракт боюнча көрсөтүлгөн башка кызматтарга акы төлөөгө чыгымдар" элементи боюнча 19 166,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары, 2022-жылдын 26-июлундагы КР ӨКМ менен КР ӨКМге караштуу "Авиация ишканасы" мамлекеттик ишканасынын ортосунда түзүлгөн № 65 келишимге ылайык, 19 166,9 миң сом суммасында КР ӨКМ аткарылган иштердин актыларына ылайык жана КР ӨКМ караштуу "Авиация ишканасы" мамлекеттик ишканасына H125 тик учагы менен көрсөтүлгөн авиациялык жана транспорттук кызматтар үчүн акы төлөө эсептерин төлөйт. Бирок, берилген маалыматтарга ылайык, аудиттелген мезгилде "Авиациалык издөө-куткаруу кызматы" МИ тарабынан кызмат көрсөтүү боюнча аткарылган иштердин актылары "А" литерин тейлөө боюнча 40 саат 58 мүнөт учуу сааттары жүргүзүлгөн. КР ӨКМнин 2022-жылдын 8-сентябрындагы №1046 буйругуна ылайык, "А" литеринин учуусу үчүн бир учуу саатынын баасы 139 362,7 сом суммасында белгиленген. Ошентип, аткарылган иштердин актыларына ылайык «Авиациялык издөө-куткаруу кызматы» МИнын прейскуранты боюнча кызматтардын жалпы наркы 5 709,3 миң сомду түзгөн. Мында, «Авиациялык издөө-куткаруу кызматы» МИ койгон эсеп-фактураларга ылайык, контракт боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы наркы, бардыгы болуп 8 538,3 миң сомду түзгөн.

Ушуга байланыштуу, КР ӨКМ кызмат көрсөтүү үчүн аткарылган иштердин актылары жана эсеп-фактурасы (10 628,6 миң сом суммасына) жок болгон учурда, «Авиациялык издөө-куткаруу кызматы» МИнин алыш-бериш эсебине 13 457,6 миң сом суммасында каражат которулган.

«Авиациялык издөө-куткаруу кызматы» МИнин берген маалыматтарына ылайык, 19 166,9 миң сом суммасындагы каражат вертолетторду камсыздандыруу кызматынын чыгымдарын жабууга, учкучтардын эмгек акысына, чет өлкөлөргө

учкучтардын окуусуна жана командировкалык жана башка чыгымдарга жумшалганы белгиленген.

Баяндалгандын негизинде, 13 457,6 миң сом суммасындагы каражат келишимдин шарттарын жана Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 106-пунктун сактабастан ишке ашырылган.

**Корутунду:** 13 457,6 миң сом суммасындагы финансылык каражат келишимдин шарттарын жана Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 106-пунктун сактабастан, «Авиациялык издөө-куткаруу кызматы” МИнин алыш-бериш эсебине которулган.

**Сунуш:** *КР ӨКМ*: борборлоштурулган иш-чаралардын чыгымдарын ишке ашыруу жана эсепке алуу Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобого (КР ФМ 22.01.2024-ж. №1-б буйругу) ылайык жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды:**

Чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык (№2 форма), 22141900 “Башка транспорттук кызматтар” элементи боюнча кассалык чыгымдар 2 401,9 миң сомду түзгөн. Аудиттин жүрүшүндө КР ӨКМ менен жеке ишкер “Курсанали кызы Айгерим” ортосунда 2022-жылдын 19-декабрында түзүлгөн №26 келишимдин алкагында авиабилеттерди берүү боюнча кызматтарды сатып алуу боюнча түзүлгөн. ЖИ “Курсанали кызы Айгерим” үчүн акы төлөөгө коюлган эсептерге ылайык, авиабилеттерди берүү боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын жалпы суммасы 2 401,9 миң сомду түзүп, 88 билетти түзгөн. 3.3-пунктка ылайык, берилген авиабилеттерди тапшыруу жана кабыл алуу келишимдери тараптар кол койгон кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы менен таризделет, мында көрсөтүлгөн актылар таризделбеген. Ошону менен бирге, аудиттин жүрүшүндө 75 курсантка жалпы суммасы 2 048,3 миң сомго авиабилеттерди берүү боюнча кызматтарды пайдалануу фактысын ырастаган отургузуу талондору да берилген эмес.

**Корутунду:** Аудиттелген мезгил үчүн ырастоочу документтерсиз **2 048,3** миң сом суммасында чыгымдар жүргүзүлгөн.

**Сунуш:** *КР ӨКМ:* Ырастоочу документтери жок транспорттук кызматтарга 2 048,3 миң сом суммасында чыгымдоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

***КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы***

**Аныкталды:**

КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы Бюджеттик кодексинин 9-бөлүгүнүн 1-пунктунун 2-беренесинин жана 7-беренесинин ченемдерин бузуу менен, 2022-жылдагы бюджеттик ассигнованиелердин эсебинен, бюджеттик милдеттенмелердин жоктугунда алдыдагы бюджеттик жылдын чыгашаларына авансытык төлөмдөр жүргүзүлгөн, бул 2022-бюджеттик жылдын кассалык чыгашаларынын 2 098,7 миң сомго көбөйүшүнө алып келген, анын ичинде: 2111 “Эмгек акы” - 1 623,9 миң сом (эмгек акы - 760,1 миң сом, Соцфонд - 824,2 миң

сом жана аткаруу баракчалары боюнча - 39,6 миң сом) жана 2121 “Соцфондго чегерүүлөр” - 474,8 миң сом.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 9-пунктунун жана 7-беренесинин ченемдерин бузуу менен, 2022-жылдын бюджеттик ассигнованиелердин эсебинен, бюджеттик милдеттенмелердин жоктугундан улам, алдыдагы бюджеттик жылдын чыгашаларына аванстык төлөмдөр жүргүзүлгөн, бул 2022-жылдын кассалык чыгашаларынын **2 098,7** миң сомго көбөйүшүнө алып келди.

**Сунуш:** КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы 2022-жылдын бюджеттик ассигнованиелердин эсебинен алдыдагы бюджеттик жылдын чыгымдарына Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин ченемдерин бузуу менен аванстык төлөмдөргө жол берген жактардын жоопкерчилигин карасын (1 б. 9-п. 2 жана 7- берене).

***КР ӨКМге караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору***

**Аныкталды:**

КР Бюджеттик кодексинин 6-беренесинде белгиленген биримдик принцибин бузуу менен, “Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борборунун” кассасына түшкөн 32,0 миң сом суммасындагы акча каражаттары бирдиктүү казыналык эсепке чегерилген эмес жана “Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору” кызматкерлерине отчет берүүгө берилген. Мындан тышкары, 2022-жылдын 31-декабрына карата 110,7 миң сом суммасындагы накталай акча каражаттарынын калдыктары 2023-жылы бюджеттин кирешесине КР Бюджеттик Кодексинин 10-беренесинин 106-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттөр сакталбастан которулган, бюджеттик жылдын акыркы эки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен тиешелүү бюджеттердин эсебине которулган эмес. Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борборунун түшүндүрмөсү боюнча калдыктын пайда болушуна финансылык жылдын аягында офицердик курамдын үйлөрүндө жашаган тургундар тарабынан коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө себеп болуп саналат. 2022-жылдын аягындагы калдык 2023-жылдын башында бюджеттин кирешесине чегерилет.

**Корутунду:** КР ӨКМге караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору КР Бюджеттик кодексинин 6-беренесинде белгиленген биримдик принцибин бузуу менен, Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борборунун кассасына түшкөн **32,0** миң сом суммасындагы акча каражаттары бирдиктүү казыналык эсепке чегерген эмес жана Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борборунун кызматкерлерине отчет берүүгө берилген. 2022-жылдын 31-декабрына карата **110,7** миң сом суммасындагы накталай акча каражаттарынын калдыгы 2023-жылы Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 10-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттөр сакталбастан туруп, бюджеттин кирешесине которулган.

**Сунуш:**

Кассага келип түшкөн накталай акча каражаттарын бирдиктүү казыналык эсепке өз убагында чегербей коюу менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин (6-беренеси) бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги

каралсын.

***КР ӨКМдин Ош облусу боюнча башкармалыгы***

**Аныкталды:**

КР Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, бюджеттик мекемелердин чыгымдарынын керектөөлөрү учурдагы финансылык жылга эмгек акы төлөө фондунун, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана башка бюджеттик милдеттенмелердин чыгымдык эсептөөлөрүнүн негизинде түзүлөт.

2022-жыл үчүн бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, бекитилген бюджет 101 932,9 миң сомду, такталган бюджет 144 310,5 миң сомду, кассалык чыгаша 143 034,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 147 999,2 миң сомду түзгөн.

2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча, ал каржылоонун 80%ын түзөт, бекитилген бюджет 79 693,2 миң сомду, такталган бюджет 113 729,2 миң сомду, кассалык чыгаша 113 729,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 111 142,7 миң сомду түздү, каржылоонун иш жүзүндөгү же дебитордук карыздардын үстүнөн кассалык чыгымдар 2 586,4 миң сомду түзгөн.

2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренеси боюнча ушундай эле, кассалык чыгашалар 12 032,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 11 371,4 миң сомду, кассалык чыгашалардан иш жүзүндөгү чыгашалардын четтөөсү 661,2 миң сомду түзгөн.

Ошентип, бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчеттун 2-формасына ылайык 31.12.2022-жылга 2111 “Эмгек акы” жана 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренелери боюнча тиешелүү түрдө 2 586,4 миң сом жана 661,2 миң сом суммасында дебитордук карыз түзүлгөн. Ошону менен 2023-жылдын чыгашаларына 2022-жылдын бюджеттик каражаттарынын эсебинен аванстык төлөм негизсиз жүргүзүлгөн. Ал эми, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында бюджеттик жыл болуп 1-январдан тартып 31-декабрды кошо алгандагы убакыт аралыгы эсептелет, мындан тышкары, бюджеттик мекемелердин чыгымдарынын керектөөлөрү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык эмгек акы төлөө фондунун негизделген эсептөөлөрүнүн негизинде түзүлөт.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, 2111 “Эмгек акы” чыгашалар жана 2121 “Социалдык фондго төгүмдөр” беренелери боюнча керектөө эмгек акы төлөө фондунун реалдуу негизделген эсептөөлөрүсүз түзүлгөн, бул эмгек акы боюнча 2 586,4 миң сом суммасында дебитордук карыздын жана 661,2 миң сом суммасында Соцфондго төгүмдөрдүн негизсиз түзүлүшүнө алып келген, ал 2023-жылдын бюджеттик каражаттарынын эсебинен алдын ала төлөө жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу.

**Сунуш:** *КР ӨКМ*: 2 586,4 миң сом суммасында эмгек акы боюнча дебитордук карыздын жана 661,2 миң сом суммасында Соцфондго төгүмдөрдүн негизсиз түзүлүшүнө алып келген реалдуу негизделген эсептөөлөрсүз Өзгөчө

кырдаалдар министрлигинин (ӨКМ) Ош облусу боюнча башкармалыгынын эмгек акы төлөө фондун түзүүгө, 2023-жылга каралган бюджеттик каражаттарынын эсебинен 2022-жылдын чыгашаларына аванстык төлөмдөрдү жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## 3. Кирешелерди түзүү жана атайын эсептин каражаттарын пайдалануу

***КР ӨКМдин Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору***

**Аныкталды:**

КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген, КРда акы төлөмө билим берүү кызматтарына тарифтерди түзүү жана колдонуу жөнүндө Жобонун 23-пунктун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (иштер) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоонун тартибинин 4.1-пунктун бузуу менен, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер:

- КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору тарабынан көрсөтүлгөн жарандык коргонуу жаатында ӨЭУдардын, мекемелердин, уюмдардын, коммерциялык түзүмдөрдүн адистерин жана жеке адамдарды даярдоо жана кайра даярдоо 2012-жылдан 28.02.2023-жылга чейин кайра каралган эмес. *Акы төлөнүүчү кызматтарга баалардын прейскуранты кайра каралып, 2023-жылдын 28-февралында бекитилген*;

- “Мамлекеттик эмес (штаттан тышкаркы) авариялык-куткаруучу түзүмдөрдүн куткаруучуларын даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу”, КДМБ 2013-жылдан тартып 2023-жылдын 4-августуна чейин кайра каралган эмес. Акы төлөмө кызмат көрсөтүүнүн наркы (тарифи) 1 саатка 50 сомду түзөт. Мында, аудитке баалардын прейскурантына калькуляция көрсөтүлгөн эмес. *Акы төлөмө кызматтарга баалардын прейскуранты КР ӨКМдин 2023-жылдын 4-августундагы № 887 буйругу менен кайра каралып, бекитилген;*

- “Суучулдар кызматы тарабынан көрсөтүлгөн “суу алдындагы техникалык иштер” жана “окутуу” тийиштүү түрдө, 2015-жылы жана 2012-жылы кайра каралган эмес.

КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору боюнча эмгек акыга жана Социалдык фондго чегерүүлөргө, ошондой эле электр энергиясына чыгымдар толугу менен бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.

Ошол эле учурда, 2022 - жылы эмгек акыга чыгымдарды окутуу боюнча акы төлөнүүчү кызматтын өздүк наркына (1 саат 5 сом) жана Социалдык фондго чегерүүлөргө (1 саат 0,85 сом) кошуунун эсебинен, КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору атайын эсебине 153,6 миң сом суммасында киреше алган, суу-насосту пайдалануучулардан электр энергиясы үчүн төлөмдөрдөн 28,9 миң сом суммасында киреше алынган.

2022 - жылы акы төлөмө кызматтарга тарифтерди өз убагында кайра карабагандыгына байланыштуу, КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору жана “Суучулдар кызматы” боюнча республикалык бюджеттин кирешеси же жоготуулары 1 095,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде: КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору боюнча - 321,0 миң сом жана “Суучулдар кызматы” боюнча-774,4 миң сом.

**Корутунду:**

1. КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген КРде акы төлөмө билим берүү кызматтарына тарифтерди түзүү жана колдонуу жөнүндө Жобонун 23-пунктун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (иштер) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоонун тартибинин 4.1-пунктун бузуу менен, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер кайра каралган эмес.

2. 2022 - жылы акы төлөмө кызматтарга тарифтерди өз убагында кайра каралбагандыгына байланыштуу, КР ӨКМ караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору жана “Суучулдар кызматы” боюнча республикалык бюджеттин кирешеси же жоготуулары эсеп менен 1 095,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде: КР ӨКМ караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору боюнча - 321,0 миң сом жана суучулдар кызматы боюнча-774,4 миң сом.

3. КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору боюнча эмгек акыга жана Социалдык фондго чегерүүлөргө, ошондой эле электр энергиясына чыгымдар толугу менен бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт. Бирок, 2022 - жылы эмгек акыга чыгымдарды окутуу боюнча акы төлөнүүчү кызматтын өздүк наркына (1 саат 5 сом) жана Социалдык фондго чегерүүлөргө (1 саат 0,85 сом) кошуунун эсебинен, КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору атайын эсебине **153,6** миң сом суммасында киреше алган, суу-насосту пайдалануучулардан электр энергиясы үчүн төлөмдөрдөн **28,9** миң сом суммасында киреше алынган.

**Сунуш:**

*КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору:*

- Эмгек акы, Социалдык фондго чегерүүлөр, электр энергиясы үчүн төлөм чыгымдары бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөнүнө ылайык, бул чыгымдарды акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (иштер) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоонун тартибинин 4.1-пункту сакталбай кошулуп түзүлгөнүнө байланыштуу тиешелүү мамлекеттик органдар менен тийиштүү иш жүргүзүлсүн жана атайын эсептен республикалык бюджеттин кирешесине 182,5 миң сом суммасында (153,6 миң сом эмгек акы чыгымдары жана Социалдык фондго чегерүүлөрү, 28,9 миң сом суу-насосту пайдалануучулардан электр энергиясы үчүн төлөмдөр) чегерүү боюнча маселе каралсын.

*КР ӨКМ:*

- Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору жана суучулдар кызматынын акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин кайра каралбаган боюнча маселеси каралсын жана тийиштүү иш жүргүзүлсүн;

- Суучулдар кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү тийиштүү кызматтарды (жумуштарды) аткарууга органдын негиздүү чыгымдарынын негизинде аныкталуучу акы төлөнүүчү кызматтарга тарифтерди алардын өздүк наркы боюнча кайра кароо боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды/Корутунду:**

КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору окутуу боюнча акы төлөмө кызмат көрсөтүүгө баалардын бекитилген прейскурантын сактабагандыктан жеке юридикалык жак – ЖКЧ “Элкат” менен 24 адамды окутууга жалпы суммасы 70,2 миң сомго келишим түзүлгөн. Ал эми прейскурант боюнча 24 адамдын окуу акысы 86,4 миң сомду түзөт. Натыйжада, атайын эсепке **16,2** миң сом суммасындагы киреше кошулган эмес, алар КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору атайын эсебине кирешеге калыбына келтирилүүгө тийиш *(аудиттин жүрүшүндө алынбай калган сумманын айырмасы 16,2 миң сомго калыбына келтирилген).*

Ошондой эле, жеке жактар менен 14 келишим 1 800 сомдон түзүлгөн, ал эми бекитилген прейскурант боюнча 1 адамдын окуу акысы 3 600 сомду түзөт. Ошентип, атайын эсепке **25,2** миң сом (14х1800) суммасында киреше кошулган эмес. КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору түшүндүрмөсү боюнча 1 800 сомдон “Баткен облусунун статусу жөнүндө” КР мыйзамынын алкагында Баткен облусунун жашоочулары менен келишимдерге кол коюлду. Ошол эле учурда, аудитке КР Министрлер Кабинетинин, КР ӨКМнин чечими же Баткен облусунун тургундарын акы төлөтүп окутууга жеңилдиктерди берүү үчүн ЖКККБнын ички актылары берилген эмес.

***Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы***

**Аныкталды/Корутунду:**

Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы атайын эсепке К.К. Кольбаев атындагы туннели аркылуу транспорт каражаттарынын коопсуз өтүүсүн камсыздоо боюнча жана шахтыларды тейлөө кызматтарды көрсөтүүдөн 2 980,7 миң сом киреше алган. Бул кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2012-жылдагы № 85 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестринде, ошондой эле КР Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, бюджеттик мекемелердин атайын эсептеринде эсепке алынуучу башка каражаттардын тизмесинде каралган эмес.

**Сунуш:** К.К. Көлбаев атындагы туннели аркылуу ашууда транспорт каражаттарынын коопсуз өтүшүн камсыз кылуу жана шахтаны тейлөө кызмат көрсөтүүлөрдү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2012-жылдагы №85 "Аткаруу бийлик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук

мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө" токтому менен каралбаган жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык келбеген кирешелердин түшүүлөрү боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте кароо жана тиешелүү иш жүргүзүлсүн.

***КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын экинчи өзүнчө издөө-куткаруу отряды (82212-аскер бөлүгү)***

**Аныкталды:**

Аудит тарабынан белгиленген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомуна ылайык, жарандарга берилүүчү депозиттик эсептин каражаттары үч жыл сакталат жана ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге (бюджеттик мекемелерден тышкары) өткөрүп берилүүгө тийиш болгон депозиттик эсептин каражаттары үч жыл сакталат. Депозиттик эсептин талап кылынбаган каражаттары аларды сактоонун белгиленген мөөнөттөрү аяктагандан кийин бул суммалар депозиттик эсепте сакталып турган мамлекеттик/муниципалдык мекеменин тескемеси боюнча тиешелүү бюджеттин кирешесине которулууга тийиш. Ошону менен бирг, 20,5 миң сом суммасында республикалык бюджеттин кирешесине которулууга тийиш.

**Корутунду:** Депозиттик эсептин **20,5** миң сом суммасындагы талап кылынбаган каражаттары республикалык бюджеттин кирешесине которулууга тийиш.

**Сунуш:** 20,5 миң сом суммасында талап кылынбаган депозиттик эсептин каражаттарын республикалык бюджеттин кирешесине которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

## 4. Касса, кассалык жана казыналык операциялар боюнча

***КР ӨКМ Баткен облусу боюнча башкармалыгы***

**Аныкталды/Корутунду:**

КР ӨКМ Баткен облусу боюнча башкармалыгы КР Бюджеттик кодексинин 112-беренесин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09. 2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, Бюджеттик мекемелердин бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон каражаттары жөнүндө Жобону бузуу менен, депозиттик эсептеги каражаттарды сактоо мөөнөтү аяктаганына карабастан, 2 жылдан ашык убакыт бою республикалык бюджеттин кирешесине **14,4** миң сом суммасындагы каражаттар которулган эмес, алар Баткен облусу боюнча ОМБнын депозиттик эсебинде 5 жылдан ашык (2017-жылдан бери) мамлекеттик сатып алуулар боюнча конкурска катышууга кепилдик камсыздоо катары "Ондуруш Ордо" ЖЧКсы тарабынан киргизилген.

**Сунуш:** Депозиттик эсептен (2017-жылдан бери депозиттик эсепте) 14,4 миң сом суммасында каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

***КР ӨКМ Нарын облусу боюнча башкармалыгы***

**Аныкталды/Корутунду:**

КР ӨКМ Нарын облусу боюнча башкармалыгы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылкы №137-б буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 91-пунктун бузуу менен, мурдагы башкы бухгалтер тарабынан казыналык эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарын салыштыруу жүргүзүлгөн эмес. Натыйжада, 31.12.2022-жылга карата финансылык отчеттуулук менен бухгалтердик эсептин ортосунда **8,6** миң сомго депозиттик эсеп боюнча маалыматтарды бурмалоого жол берилген.

**Сунуш:** Депозиттик эсеп боюнча 31.12.2022-жылга карата 8,6 миң сом суммасындагы каражаттардын калдыгы эсеп боюнча калыбына келтирилсин.

***КР ӨКМ Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы***

**Аныкталды/Корутунду:**

КР ӨКМдин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган КР бюджеттик системасынын принцибин бузуу менен, мурда 2022-жылы түзүлгөн дебитордук карызды жоюудан кассага түшкөн накталай акча каражаттары бирдиктүү казыналык эсепке чегерген эмес жана 2022-жылдын чыгашаларына касса аркылуу накталай төлөө менен, бирдиктүү казыналык эсепти айланып өтүү менен, **98,3** миң сом суммасында чыгашалар жүргүзүлгөн.

**Сунуш:** 98,3 миң сом бирдиктүү казыналык эсепке чегербөөгө жана чыгымдарды касса аркылуу накталай төлөөгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын (КР Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 1-бөлүгү).

## 5. Иш сапар чыгымдар, отчет берүүчү суммалар боюнча

***Борборлоштурулган иш-чаралар***

**Аныкталды:**

Чыгымдардын бекитилген Бюджеттик классификациясына ылайык 2211 "Кызматтык баруулар" беренеси боюнча мамлекеттик кызмат иштери боюнча баруулардын ичиндеги командировкалык чыгымдарды жабууга чыгымдар таанылат. Бирок, аудит учурунда кызматтык баруулар боюнча жалпы 531,2 миң сом суммага аванстык отчеттор (авиабилеттерге отургузуу талондору) жок. Мындан тышкары, иш жүзүндө эсептен чыгаруу, Кыргыз Республикасынын ӨКМ жана "Sky tour and travel" ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн 23.06.2022-жылдагы № 16 келишимдин алкагында, авиабилеттерди берүү боюнча кызматтарды сатып алуу боюнча ишке ашырылган. Коюлган эсептерге ылайык, авиабилеттерди берүү боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын жалпы суммасы 531,2 миң сомдук 29 билетти түзгөн. Кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө келишимдин 3.3-3.4-пункттарына ылайык, аткарылган иштердин/кызматтардын актыга кол коюлгандан, тараптар кол койгон кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы менен тариздelген берилген авиабилеттер тапшырылгандан жана кабыл алынгандан кийин жүзөгө ашырылат. Ошол эле учурда, аталган актылар тариздөлгөн эмес, ошондой эле аудитке 28

авиабилет берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу фактысын тастыктаган, жалпы суммасы 497,7 миң сомго отургузуу талондору берилген эмес.

**Корутунду:** Транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар тастыктоочу документтер менен толук камсыздалбай 497,7 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун жана Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун (КР ФМ 25.12.2018-ж. №137-б буйругу) талаптарын бузуу менен командировкалык чыгымдарды эсептен чыгарууда тастыктоо документтер толук камсыздалбай отчеттуу адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

***КР ӨКМдин Ош облусу боюнча башкармалыгы***

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы № 471 “Иш сапарлар чыгымдардын нормаларын жана алардын ордун толтуруунун тартибин белгилөө жөнүндө” токтомуна ылайык, иш сапарга баруучу жана кайра келүүчү жол кире боюнча чыгымдар иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча, анын ичинде транспорттогу жүргүнчүлөрдү милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу боюнча төлөмдөр боюнча, бул чыгымдарды тиешелүү документтер менен ырастоо менен төлөнөт.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобого ылайык, транспорттук чыгымдар-кызматтык иш сапар ордуна баруу жана кайра туруктуу иштеген жерине баруу менен байланышкан чыгымдар, ырастоочу документтер болуп төмөнкүлөр саналат: отургузуу талондору бар авиабилеттер, темир жол билеттери ж. б.

Мында, төмөндө баяндалган учурларда учуп баруу фактысын ырастоочу документтер же отургузуу талондору жок болгон:

- 30.08.2022-жылдагы № 166 аванстык отчету 69,2 миң сомго бекитилген, Ош – Москва каттамы, Россия Федерациясынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жарандык коргонуу академиясы, буйрук жок, авиабилеттер бар, отургузуу талондору жок;
- 2022-ж. 30.09. № 205 аванстык отчет 24,0 миң сомго бекитилген, Бишкек – Нур-Султан каттамы, буйрук жок, маршруттук квитанция бар, отургузуу талону жок.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-ж. №137-б буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобого ылайык, кызматкер кызматтык иш сапарынан кайтып келгенден кийин үч жумушчу күндүн ичинде бухгалтердик кызматка сарпталган суммалар жөнүндө аванстык отчетту берүүгө жана пайдаланылбаган аванстын калдыгын кассага кайтарууга милдеттүү болчу.

Айрым учурларда аванстык отчетторду берүү мөөнөтү кечиктирилип берилген.

**Корутунду:** КР ӨКМдин Ош облусу боюнча башкармалыгы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы № 471 "Иш сапар чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун жана КРӨнүн 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптарынын ченемдери бузулган.

**Сунуш:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 "Иш сапарлар чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун жана Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун (КР ФМ 25.12.2018-ж. №137-б буйругу) талаптарын бузуу менен командировкалык чыгымдарды эсептен чыгарууда тастыктоо документтер толук камсыздалбай отчеттуу адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## 6. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча

***Борбордук аппарат***

**Аныкталды:** Мындан тышкары, аудит тарабынан чыгашалардын төмөнкү беренелер боюнча 4 294,5 миң сом суммасында дебитордук карыз белгиленген: "Байланыш кызматтары" - 910,1 миң сом, "Коммуналдык кызматтар" - 1 867,2 миң сом жана 1 517,2 миң сом суммасындагы камсыздандыруу төгүмдөрү "Дебитордук карыз боюнча маалыматтар" бухгалтердик балансынын 6-тиркемесинде чагылдырылган эмес.

**Корутунду: 4 294,5** миң сом суммасындагы дебитордук карыз "Дебитордук карыз боюнча маалыматтар" бухгалтердик баланстын 6-тиркемесинде чагылдырылган эмес.

**Сунуш:** *КР ӨКМ:* "Дебитордук карыз боюнча маалыматтар" *Борбордук аппараттын* бухгалтердик балансасынын 6-тиркемесинде 4 294,5 миң сом суммасында дебитордук карызды чагылдырбоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана дебитордук карыздын кийинки жылдарга эсеп боюнча алынып чара көрүлгөнү боюнча маселе каралсын.

**Аныкталды:** 32171120 "Кем чыгуулар, уурдоолор жана ысырапкорчулук" эсеби боюнча 962,6 миң сом суммасында карыз көрсөтүлгөн. Бул сумма 2018-жылдан бери эсептелет жана анын пайда болушунун себептери белгисиз. КР ӨКМдин Финансы башкармалыгы тарабынан ушул күнгө чейин 962,6 миң сом суммасындагы дебитордук карызды төлөө боюнча чаралар көрүлө элек.

**Сунуш:** 962,6 миң сом суммасындагы дебитордук карыз боюнча маселени чечүү боюнча толук чаралар көрүлсүн.

***Борборлоштурулган иш-чаралар***

**Аныкталды:**

Бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча БИЧдин балансында бүткөрүлбөгөн курулуштун наркына таандык негизги каражаттар, жалпы суммасы 15 428,3 миң сом сарптоолор бар. 28.09.2022-жылдагы №90 келишимине ылайык, “Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбору” мамлекеттик мекемеси менен КР ӨКМдин ортосунда техниканы жана шаймандарды сактоо үчүн ангар куруу боюнча жалпы суммасы 32 812,2 миң сомго келишим түзүлгөн. 2022-жылдын отчеттук мезгилинде аткарылган иштердин берилген актыларына ылайык, иштер жалпы суммасы 15 428,3 миң сомго жүргүзүлгөн, бул бухгалтердик баланстын маалыматтарына туура келет. Берилген маалыматтарга ылайык, ушул Келишимдин алкагында кассалык чыгымдар 31 525,9 миң сомду түзгөн. Мында, “Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбору” мамлекеттик башкы башкармалыгы үчүн бухгалтердик баланстын маалыматтары боюнча 16 097,6 миң сомдун ордуна 31.12.2022-жылга карата 5 458,3 миң сом дебитордук карыз көрсөтүлгөн.

Жогоруда аталган келишим боюнча “Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбору” мамлекеттик башкы башкармалыгы тарабынан милдеттенмелер 2023-жылдын 1-кварталында аткарылган.

**Корутунду:** 10 639,3 миң сом суммасындагы дебитордук карыз “дебитордук карыз боюнча маалыматтар” бухгалтердик баланстын 6-тиркемесинде көрсөтүлгөн эмес. Жогоруда аталган келишим боюнча “Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбору” мамлекеттик башкы башкармалыгы тарабынан милдеттенмелер 2023-жылдын 1-кварталында аткарылган.

**Сунуш:** *КР ӨКМ*: борбордоштурулган иш-чаралардын чыгымдарын ишке ашыруу жана эсепке алуу Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобого (КР ФМ 22.01.2024-ж. №1-б буйругу) ылайык жүргүзүү камсыздалсын.

***КР ӨКМдин Баткен, Талас, Нарын, Ыссык-Көл облустары, Ош шаары боюнча башкармалыктары, КР ӨКМдин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору, КР ӨКМге караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору, Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы, Суучулдар кызматы, Борбордук аппараты***

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, чыгашаларды биринчи кезекте корголгон беренелер боюнча (эмгек акы, Социалдык фондго төгүмдөр, медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу, тамак-аш азыктарын сатып алуу, социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар, стипендиялар) каржылоо белгиленген. КР Мыйзамынын ушул беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, ушул Мыйзамга ылайык корголгон беренелер боюнча өздүк чыгымдарды толук камсыз кылуу жоопкерчилиги министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик

ведомстволордун жана башка мамлекеттик органдардын жетекчилерине жүктөлгөн.

Мында, КР ӨКМдин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн 31.12.2022-жылга карата кредитордук карыздар жөнүндө отчетторуна (А 22 формалары) ылайык корголгон беренелер боюнча жалпы суммасы 4 291,8 миң сом кредитордук карыздар эсептелген, анын ичинде:

- КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы боюнча - 703,8 миң сом, анын ичинен: эмгек акы-252,5 миң сом, тамак - аш сатып алуу- 447,2 миң сом жана калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул - 4,1 миң сом;

- КР ӨКМдин Талас облусу боюнча башкармалыгы - 1 055,5 миң сом, анын ичинен: социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар - 739,5 миң сом жана калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар - 316,0 миң сом;

- КР ӨКМдин  Нарын облусу боюнча башкармалыгы - 407,5 миң сом, анын ичинен: эмгек акы-12,6 миң сом, медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу - 34,9 миң сом, тамак-аш азыктарын алуу - 17,4 миң сом жана калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар - 342,6 миң сом;

- КР ӨКМдин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору боюнча - 352,3 миң сом, анын ичинен: медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу - 76,6 миң сом жана калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул - 275,7 миң сом;

- КР ӨКМге караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору боюнча - 1 444,6 миң сом, анын ичинен: медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу - 51,7 миң сом, тамак-аш азыктарын сатып алуу - 1 342,2 миң сом жана калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар-50,7 миң сом;

- Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы, боюнча - 109,4 миң сом, анын ичинен: эмгек акы-59,5 миң сом жана медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу-49,9 миң сом;

- Суучулдар кызматы боюнча - 218,7 миң сом, анын ичинен: эмгек акы - 16,6 миң сом, Соцфондго төгүмдөр - 150,5 миң сом жана социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар - 51,6 миң сом.

КР ӨКМдин Ош шаары боюнча башкармалыгы, А22 формасына ылайык кредитордук карыз жөнүндө отчет 01.01.2022 - жылга карата абал боюнча бардыгы болуп 2 954,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде корголгон беренелер боюнча: – эмгек акы - 2 367,2 миң сом; – Соцфондго төгүмдөр - 307,4 миң сом; – социалдык жөлөкпулдар - 21,7 миң сом. 31.12.2022-жылга карата кредитордук карыз 1 811,3 миң сомду түзгөн, анын ичинде корголгон беренелер боюнча: - Соцфондго төгүмдөр – 200,2 миң сом; - социалдык жөлөкпулдар – 237,7 миң сом.

КР ӨКМдин Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгы боюнча А22 формасына ылайык кредитордук карыз жөнүндө отчет 01.01. 2022 – жылдагы абал боюнча кредитордук карыздын суммасы бардыгы болуп 2 608,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде корголгон беренелер боюнча: – эмгек акы - 988,7 миң сом; – Соцфондго төгүмдөр - 358,2 миң сом. 31.12. 2022-жылга карата кредитордук

карыз 2 097,0 миң сомду түзгөн, анын ичинде: корголгон беренелер боюнча - калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар – 678,6 миң сом.

*КР ӨКМдин Борбордук аппараты* боюнча: 31.12.2022-жылга карата корголгон беренелер боюнча кредитордук карыз 791,4 миң сомду түздү, анын ичинде:

– эмгек акы - 703,9 миң сом;

– Пенсиялык фондго төгүмдөр - 87,5 миң сом.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин жана “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, 31.12.2022-жылга карата кредитордук карыздын жалпы суммасы **8 991,5** миң сомду түзгөн чыгашалардын корголгон беренелери боюнча чыгашаларды төлөө биринчи кезекте камсыздалган эмес.

**Сунуш:** *КР ӨКМ:* КР Бюджеттик кодексине жана "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-пландык мезгил жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык биринчи кезекте чыгашалардын корголгон чыгымдар беренелерин аткаруу жана бул беренелер боюнча кредитордук карыздын түзүлүшүн болтурбоо камсыздалсын.

***КР ӨКМдин Ош облусу боюнча башкармалыгы, Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча департаменти, Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча капиталдык курулуш департаменти, КР ӨКМдин “Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түштүк борбору” МИси***

**Аныкталды/Корутунду:**

*КР ӨКМдин Ош облусу боюнча башкармалыгы:*

А23 формасына ылайык дебитордук карыз жөнүндө отчет 01.01.2022-жылдагы абал боюнча 2 404,2 миң сомду түзгөн, анын ичинде кайтарымсыз дебитордук карыз 2 292,5 миң сом суммасында, КР ӨКМдин 01.04.2009-жылдагы № 251 буйругуна ылайык, КР ӨКМдин ТРБ (ЮМРУ) өткөрүп берүү кабыл алуу актысы боюнча:

- “Микс-МК” ЖКЧсы – 1 850,0 миң сом, көрсөтүлгөн кызматтар жана жумуштар үчүн, 01.07.2006-жылдагы;

- АК “Ак-Таш” – 247,6 миң сом, көрсөтүлгөн кызматтар жана жумуштар үчүн, 01.07.2006-жылдагы;

- УКС Ош ш.– 194,9 миң сом, көрсөтүлгөн кызматтар жана жумуштар үчүн, 01.07.2006-жылдагы.

31.12.2022-жылга карата дебитордук карыз 3 354,0 миң сомду түзгөн, анын ичинде: 2 292,5 миң сом кайтарымсыз дебитордук карыз, 1 061,5 миң сом учурдагы дебитордук карыз.

*Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча департаменти:*

Мөөнөтү өтүп кеткен жана өндүрүлбөгөн карыз жалпы суммасы 4 309,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде: “Садилстрой” ЖАКы – 802,0 миң сом, “СМРС”

ЖЧКсы – 350,0 миң сом жана Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча Түндүк борбору – 3 157,4 миң сом.

*Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча капиталдык курулуш департаменти:*

Бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча ӨКААжКЖ ККДнын балансында курулуш иштерине өз ара эсептешүүлөр боюнча аванстык төлөмдөр үчүн жалпы суммасы 467,9 миң сом дебитордук карыз бар.

*ӨКМдин "Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түштүк борбору" МИси:*

09.09.2013-жылдагы пайызсыз займ жөнүндө № 2/1-13 АП келишимине ылайык, Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түштүк борбору менен КР ӨКМне караштуу "Авиация ишканасы" мамлекеттик ишканасы ортосунда түзүлгөн бухгалтердик эсептин маалыматтары жана салыштыруу актыларына ылайык, ӨКЧК ТБнын пайдасына жалпы суммасы 7 830,6 миң сом карыз боюнча мөөнөтү өткөн дебитордук карыз бар. Келишимдин шарттарына ылайык, насыяны кайтаруу мөөнөтү 2017-жылы аяктаган жана бүгүнкү күнгө чейин насыяны кайтаруу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуш:**

Мөөнөтү өткөн карыздардын болушуна жол бербөө жана дебитордук карызды жоюу боюнча чаралар көрүлсүн: ***"Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түштүк борбору" мамлекеттик мекемеси боюнча*** - 7 830,6 миң сом, ***Капиталдык курулуш департаменти боюнча өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча*** - 467,9 миң сом, ***Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу кызматы боюнча*** - 4 309,4 миң сом, ***ӨКМинин Ош облусу боюнча башкармалыгы боюнча*** - 2 292,5 миң сом.

## 7. Коммуналдык керектөө лимиттерин сактоо

***КР ӨКМнин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору***

**Аныкталды:**

КР ӨКМнин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору боюнча 2021-2022-жылдын жылытуу мезгилине 10.05.2021-жылдагы№ 354 буйругуна ылайык, көмүрдүн чыгымдарына 90 тн лимит жана 2022-2023-жылдар мезгилине КР ӨКМдин 2022-жылдын 19.05. № 491 буйругу менен негизделген эсептөөлөрү жок 80 тн сандагы көмүрдүн чыгымдарына лимит белгиленген. 2023-2024-жылдардагы жылытуу мезгилине көмүрдүн керектөөсүн эсептөөдө КР ӨКМ 2023-жылдагы 19.05. №558 буйругу менен 49,2 тн көмүр лимити белгиленген. 2021-жылдан 2023-жылга чейинки мезгилде жылытуу шарттарында техникалык өзгөрүүлөр болгон жок (буу казандын параметрлери, имаратты жылуулоо ж.б.). Мында, 2021-2022-жылдардагы жылытуу мезгилинде 78,05 тн көмүр же лимиттен 28,85 тн ашык 106,6 миң сом суммасына (28,85х3695), ал эми 2022-2023-жылдары 84 тн көмүр же лимиттен 34,8 тн 156,6 миң сом суммасына (34,8х4500) көп эсептен чыгарылган.

Ошондой эле, 2022-2023-жылдардагы жылытуу мезгилинде иш жүзүндө 84 тонна көмүр 4 500 сом баасында 378,0 миң сом суммасында же тиешелүү жылытуу мезгилине белгиленген лимиттен 4 тоннага 18,0 миң сом суммасында көп сарпталганын белгилей кетүү керек.

**Корутунду:**

1. КР ӨКМнин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору боюнча 2021-2022-жылдардын жылытуу мезгилине 90 тн жана 2022-2023-жылдарга карата 80 тн өлчөмүндө көмүрдүн чыгымдалышынын белгиленген лимиттерине негизделген эсептөөлөр жок.

2. 2021-2022-жылдардагы жылытуу мезгилинде 78,05 тн көмүр же лимиттен 28,85 тн ашык 106,6 миң сом суммасында, ал эми 2022-2023-жылдары 84 тн көмүр же лимиттен 34,8 тн ашык 156,6 миң сом суммасында (34,8х4500) эсептен чыгарылган. 2022-2023-жылдардагы жылытуу мезгилинде иш жүзүндө 84 тонна көмүр 4 500 сомдон 378,0 миң сомго же тиешелүү жылытуу мезгилине белгиленген лимиттен 4 тоннага **18,0** миң сомго көп сарпталган.

**Сунуш:** Жылытуу мезгилинде көмүрдүн чыгымдары белгиленген лимиттен ашып кетүү маселеси боюнча тиешелүү талдоо жүргүзүлсүн жана анын жыйынтыгы боюнча чара көрүлсүн.

***КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отряды***

**Аныкталды/Корутунду:**

КР ӨКМдин Үчүнчү өзүнчө издөө куткаруу отряды КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын 10.10.2022-жылдагы №208 буйругун бузуу менен, электр энергиясын 50 миң кВт/саатка ашыкча чыгымдоого жол берилген (170-120), бул республикалык бюджеттин каражаттарын эсептик түрдө **170,0** миң сомго (50х3,4) жоготууга алып келген. *Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын 19.04.2023-жылдагы № 98 буйругу менен электр энергиясын керектөө лимитинен ашып кетүүгө жол берген адамдарга сөгүш жарыяланды.*

***КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отряды (РОСО, 81497-аскердик бөлүгү)***

**Аныкталды/Корутунду:**

Аудиттелген мезгил үчүн РӨКО боюнча электр энергиясын керектөө лимити 200,0 миң кВт/саат 768,0 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 213,2 миң кВт/саат 810,4 миң сом суммасында пайдаланылган, электр энергиясын керектөө лимити 13,2 миң кВт/саатка **50,2** миң сом суммасында ашып кеткен. *КР ӨКМдин 27.03.2023-жылдагы № 312 буйругу менен, электр энергиясын керектөө лимитинен ашып кетүүгө жол берген адамдардын жоопкерчилиги каралып, сөгүш жарыяланган.*

***КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын экинчи өзүнчө издөө-куткаруу отряды (82212-аскер бөлүгү)***

**Аныкталды/Корутунду:**

Аудиттелген мезгил үчүн электр энергиясын керектөө лимити 100,0 миң кВт/саат 384,0 миң сом суммасына бекитилген, иш жүзүндө 108,4 миң кВт 399,0 миң сом суммасына пайдаланылган, электр энергиясын керектөө лимити 8,4 миң кВт/саатка **32,2** миң сом суммасына ашып кеткен. *КР ӨКМнин 27.03.2023-*

*жылдагы № 312 буйругу менен, электр энергиясын керектөө лимитинен ашып кетүүгө жол берген адамдардын жоопкерчилиги каралып, сөгүш жарыяланган.*

## 8. Эмгек акы боюнча

***КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы***

**Аныкталды/Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 31.10.2014-жылдагы № 620 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүлүштөрүнүн аскер кызматчыларынын акчалай үлүшү жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүлүштөрүнүн аскер кызматчыларынын акчалай үлүшү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" (КПҮ) жобонун сакталбагандыктан, КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча мурдагы башчысы Т. К. Шонкоевдин карамакта болгон мезгилде **144,6** миң сом эмгек акы негизсиз эсептелген, алар республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилүүгө тийиш. *Аудиттин жүрүшүндө КР ӨКМ Нарын облусу боюнча башкармалыгы тарабынан 16.01.2024-жылдагы № 6 буйругу чыгарылып, анда административдик-чарба бөлүмүнүн кампа башчысы Т.К. Шонкоевдин айлык акысынан 20% өлчөмүндө ашыкча төлөнгөн 144,6 миң сом өлчөмүндө ай сайын кармап туруу каралган.*

**Сунуш:** 144,6 миң сом суммасында дебитордук карызды башкармалыктын буйругуна ылайык өз убагында жана толук өндүрүү камсыздалсын.

***КР ӨКМдин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору***

**Аныкталды:**

Анык жумуш орду боюнча башкы адис жана жетектөөчү адис ӨКМдин борбордук аппаратында (которулган) жана жумуш убактысынын табели борбордук аппарат менен толтурулат. Бирок, жогоруда аталган кызматкерлердин жумуш берүүчүсү болуп, КР ӨКМдин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору эсептелет. Ошону менен бирге, жогоруда аталган кызматкерлерди которуу жөнүндө буйруктун жогу, бул штаттык тартиптин бузулушуна алып келет.

Жогоруда аталган кызматкерлердин эмгек акысын эсептөө жана Социалдык фондго чегерүү КР ӨКМдин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору чыгымдар сметасында каралган бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт жана 2022-жыл үчүн **635,5** миң сомду түзгөн, анын ичинде, башкы адиске - 531,2 миң сом жана жетектөөчү адис - 104,3 миң сом.

**Корутунду:**

КР ӨКМдин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору штаттык жүгүртмөсүн бузуу менен, тиешелүү буйруктар жок туруп, башкы жана жетектөөчү адистер иш жүзүндө борбордук аппаратта иштешет жана иш убактысынын табели борбордук аппарат аркылуу толтурулат. Жогоруда аталган кызматкерлердин эмгек акысын эсептөө жана Социалдык фондго чегерүү, КР ӨКМдин алдындагы Жарандык коргонуу адистерин даярдоо

жана кайра даярдоо борбору чыгымдар сметасында каралган бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт жана 2022-жылы 635,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуш:** *КР ӨКМ*: штаттык ырааттаманы бузуу жана тийиштүү ченемдик документтер жок болгон учурда ведомстволук мекемелердин кызматкерлерин Борбордук аппаратка тартууга жол берген адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

***Гидрометеорологиялык кызмат (Кыргызгидромет)***

**Аныкталды:**

Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, 2218 "Тамак-ашка компенсациялык төлөмдөр" беренеси боюнча кассалык чыгымдар 9 361,2 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.08.1994-жылдагы № 643 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттиктин кызматкерлеринин айрым категорияларына берилүүчү социалдык кепилдиктер жана компенсациялар жөнүндө" токтомунун 1-пунктуна ылайык, татаал географиялык жана климаттык шарттарда жайгашкан гидрометеорологиялык станциялардын кызматкерлерине акысыз тамак берүү каралган. Эгерде бекер тамак натуралай берилбесе, анда анын наркы акчалай төлөнүшү мүмкүн. Аталган токтомдун 2-пунктуна ылайык, гидрометеорологиялык кеменин экипаж мүчөлөрүнө кеме сүзүп жүргөн мезгилде белгиленген нормаларга ылайык акысыз тамактануу каралган. Бирок, татаал географиялык жана климаттык шарттарда жайгашкан гидрометеорологиялык станциялардын кызматкерлерине тамак-аш нормалары (тамак-аштын акчалай ченемдери) белгиленген эмес. Ошол эле учурда, Кыргызгидрометке Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2013-жылдагы тамак-аш заттарын, энергияны жана тамак-аш азыктарын керектөө ченемдери жөнүндө методикалык сунуштамаларына ылайык, гидрометеорологиялык станциялардын жетүүгө кыйын категориялары боюнча азыктардын топтому сунушталган. Кыргызгидрометтин буйругу менен азык-түлүк топтомунун бааларына ай сайын мониторинг жүргүзүүнүн негизинде, акчалай компенсация төлөп берүү жөнүндө буйруктар чыгарылат. Ошол эле учурда, тамак-аш азыктарына баалардын өзгөрүүсүнө байланыштуу азыктардын сунушталган топтому сакталбайт. Алсак, мисалы, эгерде 1-категориядагы жумушчунун тамак-ашы үчүн акчалай компенсация 2020-жылдын январь айында 4892 сом суммасында, 2022-жылдын январында 6082 сом суммасында аныкталса, декабрь айына 6919 сом суммасында аныкталган, башкача айтканда, 2 жылдын ичинде эсептик түрдө 41%га көбөйгөн. Ошентип, тамактануунун белгиленген ченемдеринин жоктугу пландоонун сапатына жана Кыргызгидрометтин бюджетинин баланстуулугун камсыз кылууга жана бюджеттик каражаттарды пайдалануунун үнөмдүүлүгүнө таасирин тийгизет.

**Корутунду:** Кыргызгидромет тамак-аштын ченемдик укуктук актыларында белгиленген нормалары жок болгон учурда татаал географиялык жана климаттык шарттарда жайгашкан гидрометеорологиялык станциялардын кызматкерлерине тамактанууга компенсациялык төлөмдөр **9 361,2** миң сом суммасында эсептелген.

**Сунуш:** татаал географиялык жана климаттык шарттарда жайгашкан гидрометеорологиялык станциялардын кызматкерлерине тамактануу ченемин белгилеген ченемдик укуктук актыны иштеп чыгууну демилгелөө боюнча маселе каралсын.

***КР ӨКМге караштуу Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департаменти жана Сел жана суу ташкындарынан коргоо кызматы***

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 6-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына төмөнкүдөй компенсациялык суммалар белгиленген, алар бийик тоолуу шарттарда жана жетүүгө кыйын алыскы зоналарда жашагандыгы жана иштегендиги үчүн өргүүлөрдүн, жөлөкпулдардын, кварталдык сыйлыктардын жана үстөктөрдүн эсептөөлөрүндө эске алынбайт жана иш жүзүндө иштеген убактысы үчүн гана төлөнөт (иш сапар, өргүү күндөрү, убактылуу эмгекке жарамсыздык күндөрү, дем алыш күндөрү иш күндөрү эсепке алынбайт):

1) кызматтык же нөөмөттүк автотранспорт бекитип берилген мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды кошпогондо, айына 2000 сом өлчөмүндө транспорттук чыгымдар үчүн;

2) айына 5000 сом өлчөмүндө тамактануу үчүн.

Жарлыкка ылайык, КР ӨКМге караштуу Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департаменттин мамлекеттик жарандык кызматкерлерине транспорттук чыгымдарга жана тамактанууга жалпысынан 446,5 миң сом суммасында компенсациялык төлөмдөр эсептелген, ал эми иш сапардагыларга 34,8 миң сом жана Соцфондго чегерүүлөр 6,0 миң сом (17,25%) төлөнгөн, анын ичинде 5,8 миң сом 2022-жылдын августунда, 8,4 миң сом сентябрда, 13,2 миң сом октябрда жана 7,4 миң сом ноябрда төлөнгөн.

Жарлыкка ылайык, КР ӨКМге караштуу Сел жана суу ташкындарынан коргоо кызматынын кызматкерлерине транспорттук чыгымдарга жана тамактанууга жалпысынан 2 169,7 миң сом өлчөмүндө компенсациялык төлөмдөр эсептелген. Иш сапар күндөрү компенсациялык төлөмдөрдүн иш жүзүндө ашыкча төлөнүшү 63,8 миң сомду жана 11,0 миң сомго (17,25%) социалдык чегерүүлөрдү түздү, анын ичинде Нарын облусундагы бөлүм боюнча – 5,4 миң сом, Талас облусундагы бөлүм боюнча – 5,6 миң сом, Баткен облусундагы бөлүм боюнча – 2,3 миң сом, Чүй облусундагы бөлүм боюнча – 6,3 миң сом. Жалал-Абад облусундагы бөлүм боюнча – 7,0 миң сом, Ысык-Көл облусундагы бөлүм боюнча – 4,9 миң сом, Ош облусундагы бөлүм боюнча – 7,3 миң сом жана борбордук аппарат боюнча – 25,0 миң сом.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жыл 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын эмгегине акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптарын бузуу менен, командировкалык

күндөрдө эсептелген компенсациялык төлөмдөрдүн жалпы суммасы **98,6** миң сомду жана Соцфондго чегерүүлөр **17,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуш:** *КР ӨКМге караштуу Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департаменти жана КР ӨКМге караштуу Сел жана суу ташкындарынан коргоо кызматы*: иш сапар күндөрүндө, жалпы 98,6 миң сом компенсациялык төлөмдөргө жана Соцфондго 17,0 миң сом чегерүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## 9. Бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалы

***КР ӨКМге караштуу Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департаменти, КР ӨКМге караштуу "Сел жана суу ташкындарынан коргоо" кызматы, КР ӨКМдин алдындагы Кризистүү кырдаалдарды башкаруу борбору***

**Аныкталды:**

*КР ӨКМге караштуу Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департаментинин мамлекеттик жарандык кызматкерлерине* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 28-сентябрындагы № 457 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматкерлерине эмгек акы төлөө боюнча кошумча чаралар жөнүндө" токтомунун негизинде тамактанууга 144,3 миң сом компенсациялык төлөмдөр төлөнгөн, алардан 14,4 миң сом киреше салыгы кармалган эмес.

*"КР ӨКМге караштуу "Сел жана суу ташкындарынан коргоо"* кызматы тарабынан тамак-ашка компенсациялык төлөмдөрдүн 539,3 миң сом суммасынан киреше салыгы кармалган эмес, анын натыйжасында, бюджетке 53,9 миң сом суммасында киреше салыгы эсептик түрдө түшпөй калган.

*КР ӨКМдин алдындагы Кризистүү кырдаалдарды башкаруу борбору* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 28-сентябрындагы № 457 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматкерлерине эмгек акы төлөө боюнча кошумча чаралар жөнүндө" токтомдун негизинде тамак-ашка 243,0 миң сом компенсация төлөп берди, алардан 24,3 миң сом киреше салыгы кармалган эмес.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексин бузуу менен, тамактанууга компенсациялык төлөмдөрдөн жалпы суммасы **92,6** миң сом өлчөмүндө киреше салыгы кармалган эмес.

**Сунуш:** тамактанууга компенсациялык төлөмдөрдөн жалпы 92,6 миң сом суммасында (*КР ӨКМге караштуу Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департаментинин мамлекеттик жарандык кызматкерлерине - 14,4 миң сом, "КР ӨКМге караштуу "Сел жана суу ташкындарынан коргоо" - 53,9 миң сом, КР ӨКМдин алдындагы Кризистүү кырдаалдарды башкаруу борбору 24,3 миң сом*) киреше салыгын тиешелүү бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

## 10. Негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар, ТМБнын ченемден ашыкча корлору жана эсептөөлөрдөгү каражаттар

***Борборлоштурулган иш-чаралар***

**Аныкталды:**

Берилген маалыматтарга ылайык, КР ӨКМ тарабынан аудиттелген мезгилде борборлоштурулган иш-чаралардын алкагында транспорттук жана инженердик техника сатылып алынган. Берилген маалыматтарга ылайык, көрсөтүлгөн техниканы жеткирүү жана каттоого коюу процессинде мыйзамдардын талаптарына ылайык, бажы жыйымдары жана алымдары жана бажы органдарынын төлөм эсептери жалпы суммасы 8 089,8 миң сом төлөнгөн. Мында, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобонун 138-пунктунун талаптарына ылайык, бул түздөн түз сарптоолор негизги каражаттардын баштапкы наркына киргизилген эмес (КР ФМдин 25.12.2018-ж. 137-б буйругу).

**Корутунду:**

25.12.2018-жылдагы №137-б буйрук менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобонун 138-пунктун бузуу менен, **8 089,8** миң сом суммасындагы түздөн түз чыгымдар негизги каражаттардын баштапкы наркына киргизилген эмес, бул өз кезегинде негизги каражаттардын наркынын азайышына таасирин тийгизген.

**Сунуш:** *КР ӨКМ:* 2022-жылы алынган 8 089,9 миң сомдук негизги каражаттардын баштапкы наркын жогорулатуу жана бухгалтердик эсепте калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

***КР ӨКМ Баткен, Нарын, Ыссык-Көл облустары боюнча башкармалыктары, КР ӨКМ караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору***

**Аныкталды/Корутунду:**

Берилген маалыматтарга ылайык, КР ӨКМдин түзүмдүк бөлүмдөрүнө берилген 50 бирдик санындагы 81,424 га жер участокторуна мамлекеттик актылар бар, атап айтканда:

- КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы 20 бирдик санында жалпы аянты 12,641 га;
- КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы 10 бирдик санында жалпы аянты 1,7 га;
- КР ӨКМге караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору 5 бирдик санында жалпы аянты 62,359 га;
- КР ӨКМдин Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгы 15 бирдик санында жалпы аянты 4,724 га.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 577-пунктунда жерди жана башка өндүрүлбөгөн активдерди эсепке алуу үчүн эсеп-чот планында 314 “Жер” деген бир топчодон турган “Жер жана башка өндүрүлбөгөн активдер” тобу каралган.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн жер участоктору бухгалтердик эсеп боюнча тиешелүү эсептерде көрсөтүлгөн эмес.

Ошону менен бирге, мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 133-пунктуна ылайык, эгерде алынган негизги каражаттын баланстык наркы белгисиз болсо, анда мындай негизги каражаттар адилет нарк боюнча эсепке алынат.

*Аудиттин жүрүшүндө эсепке алуу боюнча баалоо жүргүзүлгөн жана кириштелген:*

*- КР ӨКМдин Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгы – 18 бирдик, жалпы аянты 4,724 га (284 804,8 миң сом);*

*– КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы -10 бирдик санында, жалпы аянты 1,7 га (11 783,5 миң сом).*

**Сунуш:** *КР ӨКМ:* Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобого (КР ФМинин 22.01.2024-ж. 1-п буйругу) ылайык министрликтин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жер участокторуна инвентаризациялоо жүргүзүлсүн жана жер участокторунун наркы аныкталуу менен аларды толук жана өз убагында кириштөө, эсепке алуу камсыздалсын (анын ичинде: ӨКМинин Баткен облусу боюнча башкармалыгы - жалпы аянты 12,641 га 20 бирдик, Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору - жалпы аянты 62,359 га 5 бирдик).

***КР ӨКМ Баткен, Талас облустары боюнча башкармалыктары, КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отряды***

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2009-жылдагы №95 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында курулуш объекттеринин мүнөздөмөлөрүн классификациялоо жана курулуш объекттерине, кыймылсыз мүлк объекттеринин реконструкциясына жана башка өзгөртүүлөрүнө мамлекеттик архитектуралык-курулуштук көзөмөл жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобонун ченемдери сакталган эмес, курулуш этаптарынын аяктагандыгы жөнүндө өз убагында билдирүү жиберилген эмес, курулуштун аяктаган этаптарын кабыл алуу жол-жоболору жүргүзүлгөн эмес жана бүткөрүлгөн курулуш объекттери пайдаланууга киргизилген эмес:

- КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы - Баткен облустук өрткө каршы мамлекеттик кызмат агенттигинин №26 аскерлештирилген өрткө каршы бөлүгүнүн административдик имараты 17 070,6 миң сомго 2016-жылдан тартып;

- КР ӨКМдин Талас облусу боюнча башкармалыгы боюнча - Манас районунун өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн имараты 6 599,7 миң сомго 2019-жылдан бери;

- КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отряды боюнча мончо-кир жуучу комбинаттын имараты 2 228,7 миң сомго жана Санитардык бөлүк 532,1 миң сомго.

Ишке киргизүү боюнча документтерди мамлекеттик каттоо жана тариздөө максатында, КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгынын 04.04.2023-жылдагы чыгыш №01-28/125 каты Баткен облусу боюнча аймактык архитектуралык-курулуш көзөмөл башкармалыгына жөнөтүлгөн.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы 137-б. буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 488-пунктун бузуу менен, бүткөрүлгөн курулуш объектилери жана иштеги эксплуатацияланган объекттер бүткөрүлбөгөн курулуш катары эсепке алынган:

- КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы - Баткен районунун Самаркандек №31 ӨККБ курулушу 303,8 миң сомго 2018-жылдан бери;
- КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отрядынын практикалык окуу сабактарында колдонулуучу өрт резервуарын куруу 125,2 миң сом суммасында.

Мындан тышкары, КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отряды отккананын курулушуна эсепке алуунун маалыматтары боюнча 117,0 миң сом каражат сарпталып, өндүрүштүк муктаждыктын жоктугуна байланыштуу азыркы учурда ал аяктай элек. Бүткөрүлө элек курулуштар КР ӨКМ Баткен облусу боюнча башкармалыгы тарабынан (мурда Баткен боюнча Жарандык коргонуу штабы) КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отрядына 2006-жылы өткөрүлүп берилген.

Ошону менен бирге, 31.12.2022-жылга карата финансылык отчеттуулукта КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отряды УАЗ-31519 маркасындагы транспорт каражатынын, 2005-жылы чыгарылган мамлекеттик номери 04-12 MES менен чыгарылышы (сатылышы) эсепке алынбагандыгына байланыштуу, транспорт каражаттарынын баштапкы наркы 326,2 миң сомго жана баланстык наркы 38,5 миң сом суммасында жогорулатылган. *Аудиттин жүрүшүндө 28.11.2023-жылдагы №1 бухгалтердик маалымкаты менен автотранспорт каражаттарын эсепке алуу баштапкы документтерге ылайык келтирилген.*

**Корутунду:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2009-жылдагы № 95 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында курулуш объекттеринин мүнөздөмөлөрүн классификациялоо жана курулуш объекттерине, кыймылсыз мүлк объекттеринин реконструкциясына жана башка өзгөртүүлөрүнө мамлекеттик архитектуралык-курулуштук көзөмөл жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобонун ченемдери сакталбастан, курулуш этаптарынын аяктагандыгы жөнүндө өз убагында билдирүү жиберилген эмес, курулуштун аяктаган этаптарын кабыл алуу жол-жоболору жүргүзүлгөн эмес жана КР ӨКМдин ведомстволук бөлүмдөрү боюнча бүткөрүлгөн курулуш объекттери пайдаланууга берилген эмес. Бүткөрүлгөн курулуш объекттери жана иште пайдаланылгандар бүткөрүлбөгөн курулуш катары эсепке алынат.

3. КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отряды 31.12.2022-жыга карата финансылык отчеттуулуктагы транспорт каражаттарынын баштапкы наркы 326,2 миң сомго жана баланстык

наркы 38,5 миң сомго жогорулатылган, бул транспорт каражаттарынын эсептен чыгарылышы (сатылышы) эсепке алынбагандыгына байланыштуу болгон.

**Сунуш:** *КР ӨКМ:* бүткөрүлгөн курулуш объекттерине инвентаризация жүргүзүлсүн жана пайдаланууга киргизүү боюнча документтерди мамлекеттик каттоо жана тариздөө боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн. Бүткөрүлгөн курулуш объектилери боюнча бухгалтердик эсепти мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобого ылайык келтирүү камсыздалсын (КР ФМ 22.01.2024-жылдагы №1-б. буйругу).

***КР ӨКМ Баткен облусу боюнча башкармалыгы***

**Аныкталды/Корутунду:**

КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун ченемдерин бузуу менен (КР МФнын 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу) негизги каражаттарды эсептен чыгарууга макулдук берүү жөнүндө чечим жок болгонуна карабастан, **1 431,7** миң сом суммасында негизги каражаттар эсептен чыгарылган, анын ичинде: Аксай айылындагы ДЭПО курулушу 31.12.2022-жылы 904,1 миң сом, 07KG008ES мамлекеттик номери АЦ-40 (130) 03.10.2022-жылы 25,0 миң сом жана Санарип-аналогдук ретранслятору Icom Ic-FR5300 03.10.2022-жылы 502,6 миң сом. Материалдар боюнча эсепке алууну жүргүзүүгө жооптуу адамдын түшүндүрмөсүнө ылайык, эсептен чыгаруу Баткен райондук Жарандык коргонуу комиссиясынын өзгөчө кырдаалдардан келтирилген зыянды баалоо боюнча 03.10.2022-жылдын актысынын негизинде жүргүзүлгөн.

**Сунуш:** Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобону (КР ФМ 25.12.2018-ж. №137-б буйругу) бузуу менен негизги каражаттарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

***КР ӨКМге караштуу Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борбору боюнча (КДМБ):***

**Аныкталды:** "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун (КР ФМнын 25.12.2018-ж. №137-б буйругу) 493-пунктуна ылайык бир бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсү ичинде бюджеттик мекемелерден негизги каражаттар түшкөн учурда негизги каражат катары транспорттук каражаттарды эсеп боюнча таануу жүргүзүлөт. Бирок, бул пункт сакталбай, эсепке алуу боюнча 6 бирдик санындагы автотранспорт каражаттары чагылдырылган эмес.

Ошону менен бирге, транспорт каражаттарынын 10 бирдиги боюнча укук белгилөөчү документтер (каттоо жөнүндө күбөлүк) жана мамлекеттик номерлер жок экендигин белгилей кетүү керек. КДМБ түшүндүрмөсүнө ылайык, транспорт каражаттарынын документтери КР ӨКМнин түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан техниканы ички ведомстволук кабыл алуу-өткөрүп берүү учурунда КДМБ өткөрүлүп берилген эмес.

Мында, мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 133-пунктуна ылайык, эгерде алынган негизги каражаттын баланстык наркы белгисиз болсо, анда мындай негизги каражаттар адилет нарк боюнча эсепке алынат.

**Корутунду:**

1. Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 493-пунктун бузуу менен (КР ФМнын 25.12.2018-жылдагы №137-п буйругу), эсепке алуу боюнча 6 бирдик санындагы автотранспорт каражаттары көрсөтүлгөн эмес.

2. Транспорт каражаттарынын 10 бирдигинин укук белгилөөчү документтер (каттоо жөнүндө күбөлүк) жана мамлекеттик номерлер жок. КДМБ түшүндүрмөсүнө ылайык, транспорт каражаттарынын документтери КР ӨКМдин түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан техниканы ички ведомстволук кабыл алуу-өткөрүп берүү учурунда КДМБ өткөрүлүп берилген эмес.

**Сунуш:**

1. *КР ӨКМ*: 10 бирдик санында автотранспорт каражаттарына укук белгилөөчү жана техникалык документтерин Куткаруучуларды даярдоо мамлекеттик борборуна түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан өткөрүп берүү камсыздалсын.

2. *КДМБ:* 6 бирдик санындагы автотранспорт каражаттары эсепке алсын.

**Аныкталды/Корутунду:**

Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 141-пунктун бузуу менен (КР ФМнын 22.01.2024-жылдагы №1-б буйругу), Камаз - 43114 автотранспорт техникасынын кыймылдаткычын тиркеме жабдуулары менен 598,0 миң сомго алмаштырууда автотранспорт техникасынын баланстык наркын көрсөтүлгөн суммага көбөйтүү жүргүзүлгөн эмес. Сатып алынган жана орнотулган унаа мотору өзүнчө бирдик катары запастык бөлүктөргө бөлүнөт.

**Сунуш:** Камаз-43114 автотранспорт техникасынын баланстык наркы алмаштырылган кыймылдаткычтын 598,0 миң сом суммасына көбөйтүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду:**

Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 178-пунктун бузуу менен (КР ФМнын 22.01.2024-жылдагы №1-б буйругу), автотранспорт техникасынын жараксыз тетиктери, түйүндөр, жана эсептен чыгарылган материалдар экинчи чийки зат (металл сыныктары) катары кириштелбеген. КДМБнун кампасында эсептен чыгарылган авто тетиктер жана башка материалдар бар.

**Сунуш:** *КР ӨКМ*: Түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан автотетиктер жана башка активдерди эсептен чыгаруунун эсебинен алынган металл сыныктарын инвентаризациялоо жана аларды эсеп боюнча кириштөө.

***"Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түштүк борбору" ММ (ӨКЧКТБ)***

**Аныкталды/Корутунду:**

Мамлекеттик менчикте турган транспорт каражаттардын (номерлүү агрегаттарды) сатуу жөнүндө жобого жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.03.2003-жылдагы №143 токтому менен бекитилген алардын наркын баалоо методикасына ылайык, эгерде мамлекеттик мүлк ага чарба жүргүзүү укугунда берилген болсо, транспорт каражаттарын сатуудан түшкөн каражаттар

мамлекеттик юридикалык жактын карамагында калат. ӨКЧКТБ Уставына ылайык, ӨКЧКТБ мүлкү мамлекеттин менчигинде турат жана оперативдүү башкаруу укугуна таандык. Ушуга байланыштуу, транспорт каражаттарын сатуудан түшкөн **380,0** миң сом суммасындагы каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуш:** Мамлекеттик менчикте турган транспорт каражаттарын (номерлүү агрегаттарды) сатуу жөнүндө Жобого жана алардын наркын баалоо методикасына жана "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Кодексинин 153-беренесине ылайык транспорт каражаттарын сатуудан түшкөн 380,0 миң сом суммасындагы каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

**Аныкталды/Корутунду:**

ӨКЧКТБ менен “Альфа Ойл” ЖЧКнын КММ сактоо кызматтарын көрсөтүү боюнча 2016-жылдын 07.05. №У-300/16-А түзүлгөн келишимдерине (жана киргизилген кошумча келишимдерге) ылайык, “Альфа Ойл” ЖЧКсы КММ сактоо боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын эсебинен 8 817,0 миң сом суммасында ӨКЧКТБ насостук базасынын резервуарларын оңдоо иштерин жүргүзгөн. Ушуга байланыштуу, ӨКЧКТБ негизги каражаттарын өндүрүүнүн техникалык абалын жакшыртууга жана сапатын жакшыртууга олуттуу каражаттар сарпталган, ошол эле учурда негизги фонддордун чыгымдарын капиталдаштыруу жүргүзүлбөгөнүн эске алуу керек.

**Сунуш:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун 143-пунктуна ылайык аткарылган иштердин актыларына ылайык негизги каражаттардын наркы 8 817,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

***КР ӨКМ Ош шаары, Чүй облусу боюнча башкармалыктары***

**Аныкталды/Корутунду:**

КР ӨКМ Чүй облусу боюнча башкармалыгы кампаларында Ковид-19 пандемиясынын учурунда колдонулган 2 082,6 миң сом суммасында ТМБ сакталат, алар эч ким тарабынан пайдаланылбайт жана азыркыга чейин эсептен чыгарыла элек жана кампада чоң орунду ээлейт.

Ошондой эле, Ош шаары боюнча ОМБнын кампаларында Ковид-19 пандемиясынын учурунда колдонулган 280,0 миң сом суммасындагы ТМБ сакталат, алар пайдаланылбайт жана эсептен чыгарылбайт.

**Сунуш:** КР ӨКМ Ош шаары боюнча жана Чүй облусу боюнча башкармалыктары: Ковид-19 пандемиясынын учурунда пайдаланылган жана колдонулбай жаткан кампадагы 280,0 миң сом жана 2 082,6 миң сом суммасында ТМБ боюнча маселе чечилсин.

***КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отряды (8149-аскер бөлүгү)***

**Аныкталды/Корутунду:**

Кампаларды инвентаризациялоодо тиешелүү документтери жок ашыкча 360 даана ТМБ аныкталган. Бул ТМБга кампага кирүү үчүн документтер жок болчу.

Кампа башчысынын маалыматы боюнча, бул ТМБ нын баары КР ӨКМ тарабынан сатылып алынып, отрядга берилген, бирок тастыктоочу документтер болгон эмес, бул товарлардын баасы да белгисиз. Аудит аяктаганга чейин документтер көрсөтүлгөн жок.

КР ӨКМ тарабынан түзүмдүк бөлүмдөргө берилген бардык ТМБ бекитилген документтердин жана документтердин жарактуулук мөөнөтүн аныктоонун негизинде (ишеним кат, коштомо кагаздар) өткөрүлүп берилүүгө тийиш, ошону менен министрлик тарабынан ТМБды өткөрүп берүү жана аларды бухгалтердик эсепте чагылдыруу бузулган.

**Сунуш:** *КР ӨКМ*: Бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн бузулушуна алып келген товардык материалдык баалуулуктарды тиешелүү документтери жок Республикалык өзүнчө куткаруу отрядына өткөрүп берүү боюнча.

**Аныкталды/Корутунду:**

Дары каражаттарынын кампасын инвентаризациялоодо **5,7** миң сом суммасында дары каражаттарынын жетишсиздиги аныкталган.

**Сунуш:** *КР ӨКМ*: 5,7 миң сом суммасында дары-дармек каражаттарынын кем чыгуусуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана кем чыгуу суммасын күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин.

***КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын экинчи өзүнчө издөө-куткаруу отряды (82212-аскер бөлүгү)***

**Аныкталды/Корутунду:**

Суу куткаруучулары колдонгон 3 636,0 миң сомдук көптөгөн жабдыктар эсепке алуу боюнча БТТЭМ (МБП) катары эсептелет. Бухгалтердик эсептин туура эмес жүргүзүлүшүнөн улам бул жабдыктарга 363,6 миң сом суммасында амортизация эсептелген эмес.

**Сунуш:** Негизги каражаттардын эсебин аларга амортизацияны чегерүү менен шайкеш келтирилсин.

***Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча департаменти***

**Аныкталды/Корутунду:**

Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу кызматынын директорунун 2023-жылдын 20-августундагы № 161 буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия тарабынан негизги каражаттардын, авто тетиктердин жана материалдык баалуулуктардын сакталышы боюнча инвентаризация жүргүзүлгөн, анын натыйжасында жалпы суммасы 1 424,8 миң сомго кем чыгуулар аныкталган, алар атайын техниканын запастык бөлүктөрү болуп эсептелген. Анык менен, атайын техниканын тетиктери кампадан чыгарылып, тиешелүү кызматкерлерге берилген, бирок аудиттин жүрүшүндө аныкталгандай, өткөрүп берүү актылары жана тиешелүү документтер түзүлгөн эмес. *Аудиттин жүрүшүндө тиешелүү документтер, өткөрүп берүү актылары жана коштомо кагаздар түзүлүп, калыбына келтирилген.*

**Сунуш:** *КР ӨКМ:* 1 424,8 миң сом суммасындагы атайын техниканын тетиктерин өткөрүп берүү актылары жана тиешелүү документтер түзүлбөй өткөрүп берүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

***КР ӨКМге караштуу "Сел жана суу ташкындарынан коргоо" кызматы***

**Аныкталды/Корутунду:**

Сел жана суу ташкындарынан коргоо кызматы тарабынан республика боюнча бардык селден коргоочу курулмаларды инвентаризациялоо жүргүзүлдү жана бардык инженердик селден коргоочу курулмалар balanska кабыл алынды. Бардык курулуштар текшерилип, техникалык абалы аныкталып, техникалык паспорттор түзүлүп, бардык курулуштар райондук адистердин көзөмөлүндө турат. Жалпысынан кызматтын балансында селге каршы 295 курулуш бар, аталган селге каршы курулуштар мамлекеттик реестрде катталган эмес, ошондой эле курулуштардын алдында жер бөлүү актылары жок экени аныкталган.

**Сунуш:** Сел жана суу ташкындарынан коргоо кызматынын балансында турган жерлерди жана курулмаларды мамлекеттик реестрге каттоо боюнча чаралар көрүлсүн.

***КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын экинчи өзүнчө издөө-куткаруу отряды (82212-аскер бөлүгү)***

**Аныкталды/Корутунду:**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде 3111-берене боюнча 84,3 миң сом суммасында капиталдык оңдоо жүргүзүлгөн.

Эгерде каражаттар 3111-берене боюнча бөлүнгөн болсо, анда капиталдык оңдоодон кийин негизги каражаттардын наркы 84,3 миң сом суммасына көбөйүүгө тийиш болчу, бирок бул суммага көбөйгөн эмес.

**Сунуш:** Негизги каражаттардын наркын жүргүзүлгөн капиталдык ремонттун 84,3 миң сом суммасына көбөйтүлсүн.

## 11."Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КыргызРеспубликасынын Мыйзамын сактоо боюнча

***Борборлоштурулган иш-чаралар***

2022-жылга товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алуу планы бекитилди. Берилген маалыматтарга ылайык борборлоштурулган иш-чаралардын алкагында иш жүзүндө 2022-жылы жалпы суммасы 1 338 936,4 миң сомго келишимдерге кол коюу менен, андан ары 66 мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлгөн. Беренелер боюнча жүргүзүлгөн сатып алууларды талдоо көрсөткөндөй, сатып алуулардын олуттуу бөлүгү 2214 “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” беренелери боюнча 26 953,2 миң сом, 3112 “Машиналар жана жабдуулар” жалпы суммасы 1 214 351,7 миң сомго, алардын ичинен 1 000 285,5 миң сомго тик учактын 2 бирдиги жана 192 443,7 миң сом суммасына алынган инженердик жана жеңил транспорт каражаттары.

Мамлекеттик сатып алуулардын олуттуу суммасы Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 21-беренесине (эски редакциясында) жана 17-беренесине таянуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-мартындагы №127 буйругуна ылайык бир булактан алуу ыкмасы менен ишке ашырылды.

**Аныкталды:**

№ 220119315012860 өткөрүлгөн сынагына ылайык, КР ӨКМ менен ЖЧК "Тянь-Шань Импекс" ортосунда КР ӨКМдин Борбордук аппаратынын имаратындагы жайларды оңдоо иштерин аткаруу боюнча жалпы суммасы 1 289,2 миң сомго 2022-жылдын 25.02. № 5 келишими түзүлгөн.

Иштелип чыккан конкурстук документтерге ылайык, аялдардын жана эркектердин дааратканаларын, коридорлорун оңдоо иштерин жүргүзүү зарыл болгон, жер төлөдөгү кабаттан алтынчы кабатка чейинки тепкич аянтчаларын куруу (биринчи жана үчүнчү кабаттарды кошпогондо, ажатканаларды оңдоо каралган эмес).

Аткарылган иштердин актыларынын берилген көчүрмөлөрүнө ылайык, аудитке аткарылган иштердин конкурстук документтерде каралган иштердин көлөмүнө ылайык келбеген жана кыйла айырмаланган актылары берилген. Мисалы, аткарылган иштердин берилген иш жүзүндөгү актыларына ылайык имараттын 4, 5 жана 6-кабатында оңдоо иштери жүргүзүлгөн, №220902346368467 конкурстун конкурстук документтерине ылайык, КР ӨКМдин Борбордук аппаратынын имаратынын жер төлөсүндө, 1,2,3,4,5 жана 6-кабаттарында оңдоо иштерин жүргүзүү зарыл болгон.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, сатып алуулар жөнүндө конкурстук документтерде башында каралбай аткарылган иштердин актылары кабыл алынган.

**Сунуш:** Сатып алуулар боюнча конкурстук документация менен каралбай аткарылган иштердин актыларын кабыл алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

***КР ӨКМдин Баткен, Нарын, Талас облустары боюнча башкармалыктары, КР ӨКМдин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы, КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отряды, Суучулдар кызматы***

**Аныкталды/Корутунду - 1:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамдарынын талаптарын бузуу менен, КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы, КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы, КР ӨКМдин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы, КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отряды (03.04.2015-жылдагы №72 КРМ 27-бер.1-бөлүм жана 2-берене, 23-берене, 14.04.2022-жылдагы №27 КРМ 23-берененин 2-бөлүгү), сатуучулардын (подрядчылардын) квалификациялык деңгээлине көрсөтүлгөн мыйзамдарда каралган толук эмес талаптар белгиленген.

Мындан тышкары, КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы боюнча КММ сатып алуу конкурсу боюнча КР ФМнин 11.05.2022-жылдагы 85-б. буйругу менен бекитилген, Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү тартибинин 38 жана 11-пункттары сакталган эмес, тактап айтканда, сатып алуу документтеринде сатып алынуучу товардын толук техникалык мүнөздөмөлөрү аныкталган эмес.

**Аныкталды -2:**

КР ӨКМдин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (КР ӨКМдин Баткен, Талас, Нарын облустары боюнча башкармалыктары) конкурстук комиссиясы тарабынан товарларды сатып алууда жөнөтүүчүлөрдүн сунуштарын баалоодо "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (03.04.2015-ж. №72 КРМ 29-бер. 6-бөл., жана 14.04.2022-ж. №27-КРМ 26-бер. 5-бөл.) ченемдери толук өлчөмдө эске алынган эмес, атап айтканда, конкурстук документтер менен конкурстук табыштамалардын талаптарынын ортосунда болгон айырмачылыктарга карабастан, конкурстун катышуучулары төмөнкү конкурстар боюнча жеңүүчү деп табылган:

- КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы боюнча 2 конкурс боюнча жалпы суммасы 3 159,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде: БР маркасындагы көмүрдү (капка салынган) сатып алууга ЖЧК "Т. Ибрагимова" 799,5 миң сомго жеңүүчү жана курулуш материалдарын сатып алууга 2 359,9 миң сомго "Континент Строй" ЖЧКсы жеңүүчү деп табпныкталган;

- КР ӨКМдин Талас облусу боюнча башкармалыгы боюнча Кара-Буура районунун Аманбаев айылында Өрт-куткаруу бөлүгүн куруугa конкурс боюнча 8 632,0 миң сомго ЖЧК "Ади" СК жеңүүчү деп аныкталган;

- КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы боюнча 3 конкурс боюнча жалпы суммасы 1 257,5 миң сом, анын ичинде: 9 лот боюнча чарба товарларын сатып алууга 37,6 миң сомго ЖЧК "Грейс Компани" жана 43 лот боюнча Т. О. Мытыев ЖИ 261,5 миң сомго, бардык 5 лот боюнча көмүр сатып алууга 596,6 миң сомго жеке ишкер Мырзабек кызы Н. жеңүүчү деп аныкталган, мотопомпа, компьютер, компрессор сатып алууга жана башка товарлар 3 лот боюнча 214,7 миң сомго жеке ишкер Агарков Д.М. жана 2 лот боюнча 147,1 миң сомго "Агым" ЖЧКсы жеңүүчү деп аныкталган.

**Корутунду:** Товарларды сатып алууга сатуучунун сунуштарын балоодо, КР ӨКМдин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (КР ӨКМдин Баткен, Талас, Нарын облустары боюнча башкармалыктары) конкурстук комиссиясы тарабынан "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери (03.04.2015-ж. №72 КРМ 29-бер. 6-бөл., жана 14.04.2022-ж. №27-КРМ 26-бер. 5-бөл.) толук өлчөмдө эске алынган эмес, атап айтканда, 6 конкурс боюнча жалпы суммасы 13 048,9 миң сом конкурстук документтердин жана конкурстук табыштамалардын талаптарынын ортосундагы айырмачылыктар бар болгон. Мисалы: сунушта жеткирүү графигинин жоктугу, сунушталып жаткан товардын техникалык мүнөздөмөсү, окшош келишимдерди/кызматтарды аткаруу тажрыйбасынын бар экендиги жөнүндө тастыктоочу документтер, соттук жана арбитраждык процесстер жөнүндө маалымат, сатуучунун сунушун гарантиялык камсыздоонун колдонуу мөөнөтү жана өлчөмү менен дал келбейт.

**Аныкталды/Корутунду – 3:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамдарынын талаптарын бузуу менен (03.04.2015-ж. №72 КРМ 1-б. 27-бер. 1-бөл. жана 14.04.2022-ж. №27 КРМ 23-бер.2-бөл.) КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы, КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы, КР ӨКМдин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы, КР ӨКМдин Республикалык өзүнчө

куткаруу отрядынын үчүнчү өзүнчө издөө-куткаруу отряды, сатуучулардын (подрядчылардын) квалификациялык деңгээлине мыйзамдарда каралган талаптар толук эмес белгиленген.

Мындан тышкары, КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы КММ сатып алуу конкурсу боюнча КР ФМ 2022-жылдагы11.05. №85-б. буйругу менен бекитилген, Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү тартибинин 38 жана 11-пункттары сакталган эмес, тактап айтканда, сатып алуу документтеринде сатып алынуучу товардын толук техникалык мүнөздөмөлөрү аныкталган эмес.

Товарларды сатып алууга сатуучунун сунуштарын балоодо, КР ӨКМдин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (КР ӨКМдин Баткен облусу боюнча башкармалыгы, КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы, КР ӨКМдин Талас облусу боюнча башкармалыгы) конкурстук комиссиясы тарабынан “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР мыйзамынын ченемдери (6 б. 29 б. 2015-ж. 03.04. о. 72 жана 5 ст. 26 КРМ 2022-ж. 14.04. 27) толук өлчөмдө эсепке алынган эмес, атап айтканда, конкурстук документтер менен конкурстук табыштамалардын талаптарынын ортосунда айырмачылыктар бар (мисалы: Сунуштарда жеткирүү графигинин жоктугу, сунушталып жаткан товардын техникалык мүнөздөмөсү, окшош келишимдерди/кызматтарды аткаруу тажрыйбасынын бар экендиги жөнүндө ырастоочу документтер, соттук жана арбитраждык териштирүүлөр жөнүндө маалыматтар, жөнөтүүчүнүн сунушун кепилдик камсыз кылуунун мөөнөтүнө жана өлчөмүнө ылайык келбейт) 6 конкурс боюнча жалпы суммасы 13 048,9 миң сомду түзгөн.

***ӨКМинин Баткен облусу боюнча, Нарын облусу боюнча, Талас облусу боюнча башкармалыктары боюнча, Үчүнчү өзүнчө куткаруу отряды, Суучулдар кызматы боюнча:***

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана КР ФМ 17.05.2022-жылдагы №85-п буйругу менен бекитилген "Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү" Тартибин бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын (03.04.2015-ж. №72 КРМ 27-бер. 1-бөл., 14.04.2022-ж. №27 КРМ 23-бер. 2-бөл., КРМ 12-бер. - 2022-жылдын 15-майына чейин жана 11-бер. - 2022-жылдын 15-майынан кийин, 03.04.2015-ж. №72 КРМ 50-бер. жана 29-бер. 6-бөл. жана 14.04.2022-ж. №27 КРМ 26-бер. 5-бөл., Тартиптин 11 жана 38-пункуттары жана товарларды сатып алуу жылдык сатып алуулар планында каралбаган жана аудит жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн башка фактылар боюнча).

**Аныкталды/Корутунду:**

КР ӨКМдин Нарын облусу боюнча башкармалыгы келишим түзүүдөн баш тарткандыгына жана декларациянын шарттарын бузгандыгына карабастан, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1 жана 4-пункттарын бузуу менен, жеке ишкер Ж.Ч. Дайыровду ишенимсиз (ак ниетсиз) сатуучулардын (подрядчылардын) маалымат базасына киргизүү демилгеленген эмес.

**Сунуш:** "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык аудит менен белгиленген жеке ишкерди ишенимсиз (ак

ниетсиз) сатуучулардын (подрядчылардын) маалымат базасына киргизүү маселесин демилгелөө каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:**

Суучулдар кызматы Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесин бузуу менен, мамлекеттик сатып алуулардын тийиштүү жол-жоболорун жүргүзбөстөн, "Бакыт" отели (аткаруучу) менен атайын эсептин каражаттарынын эсебинен кызмат көрсөтүү үчүн 07.08.2022-жылдагы №21 жалпы суммасы 1 127,0 миң сомго келишим түзгөн жана төлөм толук көлөмдө жүргүзүлгөн.

**Сунуш:** мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн жол-жоболорунун белгиленген ченемдерин бузууга жол берген адамдардын жоопкерчилигин каралсын.

***КР ӨКМдин Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгы***

**Аныкталды:**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине (2022-жылдын 15-майына чейин) жана "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине (2022-жылдын 15-майынан кийин) ылайык мамлекеттик сатып алуулардын жылдык планында каралбаган товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берилбейт.

КР ӨКМ Ыссык-Көл облусу боюнча башкармалыгынын МТККБнүн берген маалыматы боюнча 2214 “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” беренеси боюнча сатып алуулар планы 3 450,1 миң сом суммасында бекитилген, бул берене боюнча сатып алуулардын жалпы суммасы 3 663,2 миң сомду түзгөн, же сатып алуулардын жылдык планында каралбаган 213,1 миң сом суммасында товарлар сатып алынган.

Сатып алуучу уюм мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталында жүргүзүлгөн тандоо жөнүндө маалымат жарыяланган күндөн тартып утуп алган сатуучу (подрядчы) менен келишимге он календардык күндөн эрте эмес жана отуз календардык күндөн кечиктирбестен кол коет.

12.04.2022-жылдагы №220408326299258 конкурстун күнүмдүк пайдалануудагы чарбалык товарларды жана цементти сатып алуу №1 лоту боюнча “НТД групп” ЖЧКсы, № 2 лот боюнча ИП Кадырбеков Н.К., №220128315668243 конкурстун курулуш материалдарын сатып алуу боюнча, №1 лот боюнча жеңүүчү А.К. Саякбаев, №2 лот боюнча жеңүүчү “Пентхаус компани” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдер “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен түзүлгөн, №220408326299258 конкурс боюнча келишимге 2022-жылдын 15-апрелинде жеңүүчү аныкталгандан 3 күндөн кийин кол коюлган, ал эми келишим 2022-жылдын 22-апрелинен кийин кол коюлушу керек эле, №220128315668243 конкурсу боюнча келишим 2022-жылы 7-февралында кол коюлган, ал эми келишим 2022-жылдын 12-февралынан кийин кол коюлушу керек.

Жеке ишкер Саякбаев А. К. 05.02.2022-жылдын №220128315668243 сынак боюнча 05.02.2022-жылдын №1 жана №1900048 коштомо кагазы боюнча товарды жеткирген, ал эми №32 келишими 07.02.2022-жылы түзүлгөн, башкача айтканда, товар келишим түзүлгөнгө чейин жеткирилген.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесине ылайык, сатып алуу жөнүндө документацияда сатуучулардын квалификациясынын деңгээлине карата талаптар, ошондой эле квалификациялык талаптарга ылайык келүүсүнүн документтик далилдерине карата талаптар белгиленет.

№ 220713339629252 конкурсу боюнча көмүрдү сатып алуу, жеңүүчү "БАРАКАТ БРЕНД" ЖЧКсы квалификациялык талаптарга ылайык, Ысык-Көл облусунун райондору жана шаарлары боюнча көмүрдү берүү мөөнөтү 2022-жылдын 1-октябрына чейин белгиленген, көмүрдү жеткирүүнүн акыркы пункттары 2022-жылдын 4 жана 19-октябрына таандык, ошентип тендердик документтерди бузуу менен товарды жеткирүү мөөнөттөрү бузулган.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесине ылайык товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда сатып алуучу уюм жеткирүүчүдөн тендердик документтерге ылайык, 3% түзгөн контракттын аткарылышына кепилдик камсыз кылууну сурайт.

"БАРАКАТ БРЕНД" ЖЧКсы сатуучу тарабынан 3% же 23,9 миң сом өлчөмүндө келишимдин аткарылышына кепилдик камсыздалган эмес.

№220908346866567 конкурс боюнча, КММ Аи-92 маркасындагы бензинди жана Евро-5 маркасындагы дизелдик отунду сатып алуу жеңүүчү "ШНОС" ЖЧКсы Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 23-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, КР ӨКМдин Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгына сатып алуу жөнүндө документтерде чыгымдардын жоктугу жана финансылык отчеттуулук менен ырасталган финансылык жөндөмдүүлүктүн бар экендиги жөнүндө талаптарды белгилеген тиешелүү документтерди берлген эмес.

**Корутунду:**

КР ӨКМдин Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгы тарабынан "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын төмөнкү беренелери бузулган:

- 12-берене (2022-жылдын 15- майына чейин) жана 11-беренелер (2022-жылдын 15- майынан кийин), сатып алуулардын жылдык планында каралбаган 213,1 миң сомго товарлар сатып алынган;
- 32-берененин 2-бөлүгү, сатуучулар менен келишимдер мөөнөттөрдү бузуу менен түзүлгөн;
- 23-берене конкурстук документацияны бузуу менен товарды жеткирүү мөөнөттөрү бузулган;
- 50-берене 3% өлчөмүндө 23,9 миң сом суммасында контракттын аткарылышына кепилдик камсыз кылынган эмес;

- 23-берененин 2-бөлүгүндө, сатып алуу жөнүндө документтерде чыгымдардын жоктугу жана финансылык отчеттуулук менен ырасталган финансылык жөндөмдүүлүктүн бар экендиги жөнүндө талаптарды белгилеген тиешелүү документтер сатуучу тарабынан берилген эмес.

**Сунуш:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын ченемдерин бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын (12-бер. (КРМ 2022-жылдын 15-майына чейин) жана 11-бер. (КРМ 2022-жылдын 15-майынан кийин), товарларды сатып алуу жылдык сатып алуу планында каралбаган, 32-бер. 2-бөл., 23-бер., 50-бер., 23-бер. 2-бөл.).

## 12. Бухгалтердик эсептин абалын жана отчеттуулукту талдоо

***КР ӨКМге караштуу Куткаруучуларды даярдоочу мамлекеттик борбору (КДМБ)***

**Аныкталды/Корутунду:**

КДМБ бухгалтердик эсебинин жана бухгалтердик балансынын абалын талдоодо негизги фонддордун, запастардын, валютанын жана депозиттердин суммасы, башка ички дебитордук карыздар жана башка ички милдеттенмелер дал келет. Муну менен бирге, эсептик маалыматтар менен бухгалтердик баланска тиркемелердин маалыматтарынын ортосунда четтөөлөр бар.

**Сунуш:** КДМБ активдерди жана милдеттенмелерди инвентаризациялоону жүргүзүү, анын негизинде бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун маалыматтарын иш жүзүндөгү маалыматтарга ылайык келтирилсин.

## 13. Курулуш жана курулуш-монтаждоо иштери боюнча

***КР ӨКМге караштуу “Сел жана суу ташкындарынан коргоо” кызматы***

**Аныкталды/Корутунду:**

Оңдоо-калыбына келтирүү иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 2022-жылы подряддык негизде аткарылган жана негизсиз кабыл алынган оңдоо жана калыбына келтирүү иштеринин көлөмдөрүнүн калыбына келтирилүүгө тийиш болгон жалпы суммасы **865,1** миң сомго жогорулагандыгы аныкталган, анын ичинен 52,7 миң сом аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген жана 812,4 миң сом калыбына келтирилүүгө тийиш.

**Сунуш:**

Подрядчылар тарабынан 812,4 миң сом суммасында оңдоо жана калыбына келтирүү иштеринин көлөмдөрүн жогорулатылганын жана негизсиз кабыл алынган оңдоо жана курулуш иштерин аткарылган иш актыларынан алып салуу боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

- Селден жана суу ташкындарынан коргоо кызматынын Жалал-Абад облустук бөлүмү аркылуу сатылган 12 объект боюнча - 487,6 миң сом.
- Селден жана суу ташкындарынан коргоо кызматынын Баткен облустук бөлүмү аркылуу сатылган 3 объект боюнча - 173,6 миң сом.
- Селден жана суу ташкындарынан коргоо кызматынын Чүй облустук бөлүмү аркылуу сатылган 1 объект боюнча - 74,3 миң сом.
- Селден жана суу ташкындарынан коргоо кызматынын Ысык-Көл облустук бөлүмү аркылуу сатылган 1 объект боюнча - 76,9 миң сом.

***“Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбору” Башкы башкармалыгы***

**Аныкталды/Корутунду:**

Курулуш-монтаждоо жана оңдоо-калыбына келтирүү иштеринин аудитинин жыйынтыгы боюнча 47,7 миң сомго “Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Кызыл-Суу айылындагы Чоң-Кызыл-Суу дарыясындагы коргоочу дамба” объектиси боюнча иштин көлөмү жогорулатылган, ал 2022-жылы КР ӨКМдин алдындагы “Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбору” мамлекеттик башкы башкармалыгында подряддык негизде аткарылган.

**Сунуш:** 47,7 миң сом суммасында негизсиз кабыл алынган оңдоо жана курулуш иштеринин аткарылган иш актыларынан алып салуу боюнча тиешелүү иш-чара жүргүзүлсүн.

***Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча капиталдык курулуш департаменти***

**Аныкталды/Корутунду - 1:**

“Сокулук районунун Камышановка айылында жайгашкан № 83/2 чек ара мамысын (145-1) жана Чу дарыясынын суу ташкындарынан КРнын аймагын коргоо боюнча иштер” объектисинде “Талас механикалаштырылган көчмө отряд” мамлекеттик ишканасы подрядчысы тарабынан **59,5** миң сом суммасында аткарылган 160 метрлик суу тосмосунан дал келбестиктерге жол берилген. Суу тосмосунун (плотинанын) капталына орнотулган таштардын арасынан долбоордук талаптарга жооп бербеген майда таштар табылган.

Долбоордун талаптарына ылайык дамбанын капталына коюлган таштардын 20% ын диаметри 25-40 см болгон чоң диаметрдеги таштар менен аралаштырууга уруксат берилген объектте 27,4 куб метр көлөмүндө диаметри 15-20 см болгон таштар колдонулган, башкача айтканда долбоордук талаптан аз.

**Аныкталды/Корутунду – 2:**

“Сокулук районунун Камышановка айылында жайгашкан № 83/2 (145-1) чек ара мамысын  жана Чу дарыясынын ташкындаган сууларынан КР аймагын коргоо боюнча иштер” объектисинде Жалал-Абад облусунун өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча механикалаштырылган базасы мамлекеттик ишканасынын подрядчысы тарабынан **216,7** миң сом суммасында аткарылган 300 метрлик суу тосмосунан дал келбестиктерге жол берилген. Суу тосмосунун (плотинанын) капталына орнотулган таштардын арасынан долбоордук талаптарга жооп бербеген майда таштар табылган.

Долбоордун талаптарына ылайык, дамбанын капталына коюлган таштардын 20% ын диаметри 25-40 см болгон чоң диаметрдеги таштар менен аралаштырууга уруксат берилген объектте 99 куб метр көлөмүндө диаметри 15-20 см болгон таштар колдонулган, башкача айтканда долбоордук талаптан аз.

**Сунуш:**

1. "Сокулук районунун Камышановка айылында жайгашкан Чу дарыясынын ташкындаган сууларынан №83/2 (145-1) чек ара мамысын жана КР аймагын коргоо боюнча иштер" объектиси боюнча бузуулар, же дамбанын капталына (жантайыңкы) диаметри 25-40 см болгон чоң диаметрдеги таштар

менен аралаш төшөөнүн ордуна диаметри 15-20 см, же 276,2 миң сомго аз таштар колдонулганга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

2. "Сокулук районунун Камышановка айылында жайгашкан Чу дарыясынын ташкындаган сууларынан №83/2 (145-1) чек ара мамысын жана КР аймагын коргоо боюнча иштер" объектиси боюнча дамбанын капталына (жантайыңкы) 276,2 миң сомго чоң диаметрдеги (25-40 см) таштар менен аралаштырып төшөө иштери боюнча бузуулар подрядчы тарабынан четтетилиши камсыздалсын.

***“Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түштүк борбору” МИ***

**Аныкталды/Корутунду -1:**

Сузак районунун Барпы айыл аймагындагы автомобиль көпүрөсүнөн жогору Чангет-Сай дарыясынын сол жээгин бекемдөө боюнча иштерде “Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түштүк борбору” МИ подрядчысы суу тосмосун кесилген таштар менен бекемдөөдө 11,4 куб метр боштуктар **19,5** миң сомго кесилген таштар (расклинцовка) менен толтурбагандыгы аныкталган.

Суу тосмосунун долбоору боюнча жасалган эңкейишке таштардан жасалган араалар кесилиш таштар менен 84% га чейин тыгыз толтурулушу керек болчу. Подрядчы суу тосмосунун жантайышын кесилген таштар менен бекем толтуруу менен курулган 70 метрлик суу тосмосунун айрым жерлеринде таштардын ортосунда жалпы 11,4 куб метр боштуктарга жол берген.

**Аныкталды/Корутунду -2:**

Өзгөн районунун Мырза-Аке а/ө Коммунист айылындагы Жазы дарыясынын жээктерин бекемдөө иштеринин объектисинде (2-этап) “Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү боюнча түштүк борбору” мамлекеттик ишканасы подрядчысы тарабынан ПК2+50 суу топтоочу жайдын акыркы участогундагы айлананы кесилген таштар менен бекемдөөдө 13,93 куб метр **23,0** миң сомго кесилген таштар салынган эмес.

**Сунуш:**

1. *Төмөнкүлөр боюнча жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын:*

- Сузак районунун Барпы айыл аймагындагы унаа көпүрөсүнөн жогору Чангет-Сай дарыясынын сол жээгин бекемдөө боюнча бузуулар, же суу тосмосун бекемдөөдө 11,4 куб метрге, 19,5 миң сомго боштуктар кесилген таштарга (расклинцовкаларга) толтурулбаган боюнча;

- "Өзгөн районунун Мырза-Аке а/о Коммунист айылындагы Жазы дарыясынын жээктерин бекемдөө иштери (2-этабы)" объектиси боюнча бузуулар, же суу алуучу жайдын айланасын бекемдөөдө 13,93 куб метрге, 23,0 миң сомго кесилген таштар менен толтурулбаган боюнча.

2. *Четтетилсин:*

- Сузак районунун Барпы айыл аймагындагы унаа көпүрөсүнөн жогору Чангет-Сай дарыясынын сол жээгин бекемдөө боюнча 11,4 куб метрге, 19,5 миң сомго боштукту кесилген таштар (расклинцовка) менен толтуруу боюнча бузуулар;

- "Өзгөн районунун Мырза-Аке а/о Коммунист айылындагы Жазы дарыясынын жээктерин бекемдөө иштери (2-этабы)" объектиси боюнча суу тосмонун айланасын 13,93 куб метрге, 23,0 миң сомго кесилген таш (расклинцовка) менен толтуруу боюнча бузуулар.

## 14. КР ӨКМдеги Долбоорлор боюнча

**Аныкталды -1:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 17-беренесинини 4 - пунктуна ылайык республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ресурстары бюджетке милдеттенмелерди кабыл алуунун натыйжасындагы түшүүлөрдү камтыйт.

КР Бюджеттик кодексинин 20-беренесинин 4- пунктуна ылайык ички жана тышкы булактардан карызга алуулардан түшкөн акчалай каражаттар милдеттенмелерди кабыл алуу менен байланышкан операциялардан түшүүлөр болуп саналат.

КР Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 6- пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын бюджеттеринин бардык ресурстары Бирдиктүү казыналык эсепке токтоосуз чегерилүүгө жатат.

Ал эми, долбоорлордун каражаттары инвестициялык долбоорлорду каржылоонун шарттарына ылайык каржылоо үчүн атайын эсептер карыз алуучу тарабынан тандалып алынат жана Дүйнөлүк Банк үчүн алгылыктуу финансылык мекеме болуп ачылып, жүргүзүлөт, эгерде ал бардык аныкталган шарттарга шайкеш келсе. Ушуга байланыштуу 1 005 601,8 миң сом суммасындагы КР ӨКМдеги долбоорлордун каражаттары ОАО “АйылБанк” мамлекеттик банкта ачылган атайын эсеп аркылуу каржылоо макулдашуулары менен аныкталган долбоорлорго каржылануууда.

Ушул сыяктуу маселе боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2022-жылга карата республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча КР Финансы министрлигине эл аралык макулдашуулардын шарттарын эске алуу менен КР Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин ченемдеринин талаптарына ылайык Бирдиктүү казыналык эсепке мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорунун каражаттарын топтоо механизмин иштеп чыгуу боюнча чараларды көрүү тууралуу сунуш берген.

**Аныкталды -2:**

2022-жылы **552,2** миң сом суммасында банк комиссиялары каржылоо боюнча макулдашууларга ылайык долбоорлор боюнча каралган каражаттардын эсебинен эмес долбоорлордун пайыздык эсебинен төлөнгөн, анын ичинде: “Борбордук Азиянын гидрометеорологиялык кызматын модернизациялоо” долбоору боюнча - 20,4 миң сом, “Кыргызстанда табигый кырсыктардын тобокелдигине туруктуулукту жогорулатуу”, 4 компоненти боюнча кредиттик жана гранттык каражаттарды пайдалануу долбоору – 174,1 миң сом, “Кыргызстанда табигый кырсыктардын тобокелдигине туруктуулукту

жогорулатуу” долбоору – 220,5 миң сом, “COVID-19 боюнча шашылыш долбоор” долбоору (негизги каржылоо) – 86,4 миң сом, “COVID-19 боюнча шашылыш долбоор” долбоору (кошумча каржылоо) – 50,8 миң сом.

**Сунуш:** *КР Финансы министрлигине:*

1. Банктык комиссияларды төлөөгө пайдаланылган долбоорлордун пайыздык эсептеринин каражаттарын калыбына келтирүү каралсын: "Кыргызстанда табигый кырсыктардын тобокелдигине туруктуулукту жогорулатуу", 4 компоненти боюнча кредиттик жана гранттык каражаттарды пайдалануу долбоору - 174,1 миң сомго, "Кыргызстанда табигый кырсыктардын тобокелдигине туруктуулукту жогорулатуу" долбоору - 220,5 миң сомго, "COVID-19 боюнча шашылыш долбоор" (негизги каржылоо) - 86,4 миң сомго, "COVID-19 боюнча шашылыш долбоор" (кошумча каржылоо) - 50,8 миң сомго.

2. Долбоорлордун бардык аткаруучу агенттиктерине банктык комиссиялар Кыргыз Республикасы менен тышкы донорлордун ортосундагы каржылоо жөнүндө макулдашууларга ылайык төлөнүүгө тийиш экендиги билдирилсин жана чаралар көрүлсүн. КР Финансы министрлиги менен тейлөөчү банктардын ортосунда түзүлгөн Башкы келишимдердеги банктык комиссиялардын төлөө бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси каралсын.

***“Борбордук Азиядагы гидрометеорологиялык кызматты модернизациялоо” долбоору***

**Аныкталды:**

Долбоор 2019-жылы башталып, 2021-жылдын 31-мартында бүтүшү керек болчу. Ошол эле учурда, каржылоо келишиминде белгиленген мөөнөттө Ковид-19 себеби менен долбоор аяктаган эмес жана Донор тарабынан алгач 2022-жылдын 31-мартына чейин, кийин 2023-жылдын 31-июлуна чейин узартылган. Долбоордун баштапкы аяктаган күнүнө карата 2021-жылдын 31-мартына карата пайдаланылбаган АКУ (атайын карыз алуу укугу) каражаттарынын калдыгы 1 238 603,79 АКУ түзгөн. 31.03.2021-жылга карата абал боюнча АКУнун АКШ долларына алмашуу курсу 1,41721 түзгөн. Долбоор узартылгандан кийин АКУнун алмашуу курсу акырындык менен төмөндөп 2022-жылдын 19-декабрына карата 1,32938 түзгөн. Ошентип, мөөнөттү узартуу Долбоордун жалпы бюджетинин көлөмүнүн төмөндөшүнө таасирин тийгизди жана долбоордун бюджетинин жоготууларынын жалпы суммасы эсептик түрдө 30,8 миң АКШ долларын түзгөн, же 2 638,9 миң сом (31.12.2022-жылга карата КР УБдун курсу боюнча).

Мындан тышкары, “Борбордук Азиянын гидрометеорологиялык тейлөөсүн модернизациялоо” долбоору боюнча КР Финансы министрлигинин 2022-жылдын 8-сентябрындагы №92/к жана 16-сентябрындагы №97/к буйруктарына ылайык Финансы министрлигинин экономика тармактарынын чыгымдарын пландоо башкармалыгынын агроөнөр жай комплекси, жаратылышты пайдалануу жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн жетектөөчү адиси 19.09.2022-жылдан 23.09.2022-жылга чейин метеорологиялык спутниктер боюнча конференцияга катышуу үчүн Брюссель шаарына (Бельгия Королдугу) иш сапарына жөнөтүлгөн.

Мында, бардык чыгымдар, анын ичинде иш сапар, транспорттук (авиабилеттер) жана визалык чыгымдар аталган долбоордун каражаттарынын эсебинен чыгымдалган. "Окутуу" категориясы боюнча долбоорду каржылоо жөнүндө макулдашуунун шарттарына ылайык, каражаттар кадрдык потенциалды жогорулатууга жана Кыргызгидрометтин кызматкерлерин окутууга багытталууга тийиш болчу.

Ошондой эле, конференциянын темасы тиешелүү техникалык адистикти, билимди жана тажрыйбаны талап кылган өтө тар спецификага ээ. Буга байланыштуу, жогоруда көрсөтүлгөн министрликтин адисинин иш сапар чыгымдары долбоордун 292,6 миң сом суммасындагы каражатынын сарамжалсыз пайдаланганына алып келген.

**Корутунду:** КР Финансы министрлигинин адисинин иш сапар чыгымдары, долбоордун **292,6** миң сом суммасындагы каражатынын сарамжалсыз пайдаланганына алып келген.

**Сунуш:** *КР Финансы министрлиги*: "Борбордук Азиянын гидрометеорологиялык тейлөөсүн модернизациялоо" долбоорунун 292,6 миң сом суммасындагы каражатынын сарамжалсыз пайдаланылганын кароо боюнча тиешелүү иш жүргүзүлсүн, жыйынтыгы менен буга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын.

**Аныкталды:**

КР ӨКМ тарабынан бекитилген долбоордун 2019-жылдын 13-майындагы операциялык колдонмосуна ылайык, долбоорду ишке ашыруу процессинде операцияларды аткаруу жана чечимдерди кабыл алуу үчүн негизги жол-жоболорду аныктаган Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү (ДИБ) уюштуруу түзүмүндө төмөнкү штаттык бирдиктер каралган: долбоордун директору, финансылык менеджер, төлөмдөр боюнча адис, сатып алуулар боюнча башкы адис, сатып алуулар боюнча ассистент, гидрометеорология боюнча техникалык координатор, ошондой эле кеңсе-менеджер котормочу.

Бирок, аудит жүргүзүлгөн мезгил үчүн КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Финансы министрлиги тарабынан Операциялык колдонмо сакталбагандыктан ДИБ кызматкерлеринин, анын ичинде айдоочунун, маалыматтык технологиялар боюнча адистин кызматтык маяналары бекитилип, эмгек акылары төлөнүп берилген, алар Операциялык колдонмодо каралган эмес. Ошентип, Операциялык колдонмонун жоболорун сактабагандыктан 202,6 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнүп берилген.

Мындан тышкары, ДИБ жооптуу адамдары тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бекиткен жана Операциялык колдонмо менен каралбаган кызматтык маянасы жок болгон учурда жайларды тазалоочу кызматкери үчүн 66,0 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнүп берилген.

**Корутунду:**

1. КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана КР Финансы министрлиги тарабынан долбоордун Операциялык колдонмосун сакталбагандыгынан ДИБ

кызматкерлеринин, анын ичинде айдоочунун, маалыматтык технологиялар боюнча адистин кызматтык маяналары бекитилип, эмгек акылары төлөнгөн, алар Операциялык колдонмодо каралган эмес, жалпы **202,6** миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнүп берилген.

2. КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана КР Финансы министрлиги бекиткен жана Операциялык колдонмосу менен каралбаган кызматтык маянасы жок болгон учурда жайларды тазалоочу кызматкер үчүн **66,0** миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнүп берилген.

***"Кыргызстанда кырсык тобокелдигине туруктуулукту жогорулатуу", 4 компоненти боюнча кредиттик жана гранттык каражаттарды пайдалануу долбоору:***

**Аныкталды:**

Долбоорду ишке ашыруу процессинде операцияларды аткаруу жана чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз болуучу жол-жоболорду аныктаган долбоордун бекитилген Операциялык колдонмосуна ылайык, ДИБ уюштуруу түзүмүндө кызмат орундарынын төмөнкү штаттык бирдиктери каралган: директор; финансылык менеджер; сатып алуулар боюнча башкы адис; 1-компоненттин координатору, 2-компоненттин координатору, 3-компоненттин координатору, төлөмдөр боюнча адис – 2 бирдик, сатып алуулар боюнча адис – 2 бирдик, коопсуздук чаралары боюнча адис – 4 бирдик, инженер-куруучу – 4 бирдик, коммуникация боюнча адис, тескөөчү, котормочу, кеңсе менеджери.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан аудит мезгилинде ДИБ кызматкерлерине эмгек акы бекитилген жана чегерилген, анын ичинде айдоочуга 332,9 миң сом, ишканадан камсыздандыруу төгүмдөрү 17,25 % - 56,0 миң сом, бардыгы 388,9 миң сом, жайларды тазалоочуга тиешелүү түрдө – 88,8 миң сом, ишканадан камсыздандыруу төгүмдөрү 17,25% -15 318,0 сом, бардыгы 104,1 миң сом операциялык колдонмодо караган эмес. Ошентип, Операциялык колдонмонун жоболорун сактабагандыктан, 493,1 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген жана төлөнүп берилген.

*ДИБ тарабынын 2022-жылдын декабрынан баштап жаңы бекитилген Операциялык колдонмо сунушталганын белгилей кетүү керек, анда айдоочунун жана тазалоочунун штаттык бирдиктери каралган.*

**Корутунду:** Долбоордун Операциялык колдонмосунун жоболору сакталбагандыктан, КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана КР Финансы министрлиги тарабынан айдоочунун жана тазалоочунун штаттык бирдиктери бекитилген, аларга 2022-жылы **421,7** миң сом эмгек акы эсептелген жана Социалдык фондго 17,25% өлчөмүндө **71,4** миң сом суммасында чегерүүлөр жүргүзүлгөн.

***"Кыргызстанда кырсык тобокелдигине туруктуулукту жогорулатуу" долбоору:***

**Аныкталды/Корутунду:**

Долбоорду ишке ашыруу процессинде операцияларды аткаруу жана

чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз болуп кызмат кылуучу жол-жоболорду аныктаган, долбоордун Операциялык колдонмо тарабынан бекитилген кызматтардын штаттык бирдиктери каралган: директор, финансылык менеджер, сатып алуулар боюнча башкы адис, компоненттин координатору - 1, компоненттин координатору - 2, компоненттин координатору - 3, төлөмдөр боюнча адис - 2, сатып алуулар боюнча адис-2, коопсуздук техникасы боюнча адис – 4, инженер-куруучу - 4 бирдик, байланыш адиси, администратор (ИТ-эксперт), котормочу жана кеңсе менеджери.

Иш жүзүндө, аудит мезгилинде долбоордун Операциялык колдонмосу менен каралбаган 2 айдоочу үчүн маяналар бекитилген жана чегерүүлөр жүргүзүлгөн, анда айдоочуларга 447,1 миң сом эмгек акы жана социалдык төлөмдөр (17,25%) 76,9 миң сом, бардыгы **524,0** миң сом төлөнгөн.

**Аныкталды/Корутунду:**

КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-августундагы №562 “Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр каржылаган долбоорлорду (кредиттерди жана гранттарды) даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлердин эмгек акысын төлөөнүн шарттары жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №371 “Эл аралык финансы уюмдарын даярдоодо жана ишке ашырууда иштеген кызматкерлердин эмгек акысын төлөөнүн шарттары жөнүндө, эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржыланган” токтомдорун жана долбоордун бекитилген Операциялык колдонмону бузуу менен коопсуздук чаралары боюнча бөлүмдүн координаторуна 2022-жыл мезгилинде 48,5 миң сом эмгек акы жана 8,4 миң сом (17,25%) социалдык төлөмдөр, жалпы суммасы **56,9** миң сом ашыкча жүргүзүлгөн.

**Сунуш:** штаттык ырааттаманы, долбоорлорду даярдоодо жана ишке ашырууда иштеген кызматкерлердин кызматтык маяналарын макулдашууда жана бекитүүдө долбоорлордун Опрациялык колдонмолорунун жоболору эске алынсын жана кредиттик жана гранттык каражаттарды үнөмдөө жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча чаралар көрүлсүн.

***COVID-19 өзгөчө кырдаал долбоору (негизги каржылоо)***

**Аныкталды/Корутунду:**

2022-жылдын 3-сентябрынан 7-сентябрына чейин коомдук саламаттык сактоо кызматкерлери Ош шаарына окуу семинарына жөнөтүлгөн. Алдын ала берген отчетко ылайык, ведомость боюнча 5 күндүк командировкалык чыгымдар төлөнсө, катышуучуларды 5 күнгө жайгаштыруу боюнча “АРТЕ” ЖКЧсы менен келишим түзүлгөн. Бирок, 4 күнгө турак-жай акысын төлөө ордуна, долбоордун каражаттарынан 5 күнгө жайгаштыруу болгон, же **24,5** миң сом ашыкча төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуш:** 24,5 миң сом суммасында командировалык чыгымдардын ашыкча төлөмү долбоордун бюджетине калыбына келтирүү боюнча чара көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунда 2022-жылга**

**карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы “Жашыруун” грифи менен Отчетко №1 Тиркемеде.**

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **А.Т. Байгазаков**

Аудит тобу:

Башкы мамлекеттик инспектор:
Токтоналиев А.С. (топтун башчысы)

Мамлекеттик инспекторлор:

Кубатбекова Г.А.

Кудайбердиев А.Н.

Кочкорбаев А.

Кыралиев З.

Матосмонов А.Дж.

Тилекбеков А.Т.

Турдубай уулу Т.

Утуров С.З.